**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ТАРЫХ

**12 жылдык билим берүүгө өтүү мезгилиндеги жалпы билим берүүчү уюмдардын**

**5 (6)–9-класстары үчүн**

**ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫ**

**2025/2026-окуу жылы**

**БИШКЕК–2025**

**ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ТОБУ:**

**Жетекчиси:**

***М. К. Иманкулов,*** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясынын башчысы.

**Мүчөлөрү:**

***А. Б. Элебесова,*** педагогика илимдеринин кандидаты,
Кыргыз билим берүү академиясы, жетектөөчү илимий кызматкер;
***Ө. Ж. Алымкожоев,*** тарых илимдеринин кандидаты,
Чүй облустук мектеп-гимназиясынын директору;
***К. Молдожунусов,*** КР УИАнын Б. Жамгырчинов атындагы
Тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери.

**РЕЦЕНЗЕНТТЕР:**

Бишкек шаарындагы Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин тарых мугалимдери.

Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы жалпы орто билим берүү мектептеринин тарых мугалимдери.

**Окуу программаларынын методикалык аппаратын даярдаган:**

***А. Б. Элебесова,*** педагогика илимдеринин кандидаты,
Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги,
Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык
билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.

***Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын ...-июнундагы отурумунун № ...-протоколунун чечими менен жактырылды.***

**ТАРЫХ: окуу программалары:** жалпы орто билим берүүчү мектептин 6–9-класстары үчүн. – Б., 2025. – 43 бет.

© КББА, Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясы, 2025.

## МАЗМУНУ

**ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ** ........ 3

6-класс. ТАРЫХ ........ 5

7-класс. ТАРЫХ ........ 10

8-класс. ТАРЫХ ........ 16

9-класс. ТАРЫХ ........ 22

**ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** ........ 29

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Тарых предмети боюнча негизги жалпы билим берүү үчүн окуу программаларынын методикалык аппараты окуучулардын жигердүү таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгү үчүн шарттарды түзүүгө, алардын өткөнгө болгон кызыгуусун өнүктүрүүгө, тарыхый ой жүгүртүүсүн жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Методикалык аппараттын бардык элементтери өз ара байланышта болушу жана жалпы билим берүүнүн пландаштырылган натыйжаларына жетишүүгө багытталышы маанилүү.

Башталгыч жалпы билим берүү жана негизги жалпы билим берүү үчүн окуу программаларынын методикалык аппаратына билим берүүнүн максаттарына натыйжалуу жетишүүнү камсыз кылуучу элементтердин комплекси кирет. Ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

**1. «Тарых» курсунун максаттары жана милдеттери:**

***Билим берүүчүлүк:*** тарыхтын негизги этаптары, окуялары жана процесстери, хронологиясы, тарыхый мейкиндиги, концепциялык аппараты жөнүндө билимдердин системасы боюнча түшүнүктөрдү калыптандыруу.

***Өнүктүрүүчүлүк:*** таанып билүүчүлүк кызыгууларын, интеллектуалдык жөндөмдөрүн (анализ, синтез, салыштыруу, жалпылоо, сынчыл ой жүгүртүү), ар кандай маалымат булактары менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү.

***Тарбия берүүчүлүк:*** жарандыкты, мекенчилдикти, өз өлкөсүнүн жана башка элдердин тарыхын жана маданиятын урматтоо, толеранттуулук жана баалуулук багыттарын өнүктүрүү.

**2. Окуу материалынын мазмуну:**

- Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана курстун максаттарына ылайык келген негизги темаларды жана окуяларды тандоо.
- Материалды хронологиялык жана проблемалык-тематикалык принциптерге ылайык түзүмдөштүрүү.
- Ар бир тема боюнча өздөштүрүлө турган билимдердин, билгидиктердин жана көндүмдөрдүн көлөмүн аныктоо.
- Кыргыз Республикасынын тарыхын дүйнөлүк жана аймактык тарыхтын контекстине интеграциялоо.

**3. Окуу процессин пландаштыруу:**

- Окуу сааттарын бөлүмдөр жана темалар боюнча бөлүштүрүү менен тематикалык планаштыруу.
- Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун формаларын аныктоо (сабак, семинар, экскурсия, долбоордук иштер ж.б.).
- Пландаштыруунун түрлөрү жана текшерүү формалары (учурдагы, тематикалык, жыйынтыктоочу).

**4. Методикалык камсыздоо:**

***Окуу китеби:*** курстун түзүмүн жана мазмунун аныктоочу негизги маалымат булагы.

***Хрестоматия же документтердин жыйнагы:*** сабакта талдоо жүргүзүү жана иштөө үчүн тарыхый булактардын тексттери.

***Тарыхый атлас жана контурдук карталар:*** мейкиндиктик көрүнүшүн түзүү каражаттары.

***Мугалимдер үчүн методикалык сунуштар:*** окуу процессин уюштуруу, окутуунун ар кандай методдорун жана ыкмаларын колдонуу, текшерүү иш-чараларды өткөрүү боюнча кеңештер.

***Дидактикалык материалдар:*** иш барактары, схемалар, таблицалар, иллюстрациялар, аудио- жана видеоматериалдар.

***Электрондук билим берүү ресурстары:*** интерактивдүү тапшырмалар, презентациялар, виртуалдык экскурсиялар ж.б.

**5. Билим берүүнүн натыйжаларына мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы:**

- Окуучулардын билимдерин, билгиликтерин жана көндүмдөрүн баалоо критерийлерин аныктоо.
- Текшерүүнүн ар кандай формаларын колдонуу (оозеки сурамжылоо, жазуу иштери, тесттер, долбоорлор, презентациялар ж.б.).
- Окуучулардын жеке жетишкендиктерин эсепке алуу.

***1-таблица.* Тарых предметинин окутулушу**

| № | ОКУУ КИТЕБИ / Бөлүктөрү | | 6-класс | 7-класс | 8-класс | 9-класс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жарым жылдыктарда өтүлүүчү сааттар | | | |
| | | | 32/36 | 32/36 | 32/36 | 32/36 |
| 1. | **ТАРЫХ** | Дүйнө тарыхы | | | | |
| | | Кыргызстан тарыхы | | | | |
| 2. | **ТАРЫХ** | | | | | |
| 3. | **ТАРЫХ** | | | | | |
| 4. | **ТАРЫХ** | | | | | |
| | | **Жалпы:** | **68** | **68** | **68** | **68** |

***2-таблица.* 6–9-класстар үчүн «Тарых» курсун окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар**

| Класстар | Күтүлүүчү натыйжалар | Жигердүүлүктүн мисалдары |
|---|---|---|
| **6-класс** | «Тарых» деген сөздүн маанисин түшүнөтАзыркыны түшүнүү үчүн өткөндү билүүнүн маанилүүлүгүн түшүнөт. | Тарых илими эмнени өздөштүрөрүн түшүндүү. Өткөндү билүү азыркыны түшүнүүгө кандайча жардам берерине мисалдарды келтирүү. |
| | Тарыхый булактардын ар кандай түрлөрү менен тааныш (буюм, жазуу, оозеки, сүрөт). | Тарыхый булактардын бир нече түрүн атапберүү. Археологиялык табылгалардын маанилүүлүн билүү. |
| | Хронология жөнүндө алгачкы түшүнүгү бар. | «Биздин заманга чейин», «биздин заман», «жыл», «кылым», «илгери» деген түшүнүктөрдү айырмалоо. |
| | Алгачкы адамдардын кесибин, тиричилигин жана социалдык мамилелерин билет. | Байыркы адамдардын кесибин сүрөттөө. Алгачкы эмгек куралдарын атоо. |
| | Алгачкы мамлекеттердин пайда болушу жөнүндө түшүнүгү бар | Алгачкы мамлекеттерди атап берүү. |
| **7-класс** | Негизги тарыхый окуяларды жана тарыхый инсандарды билет. | Тарыхый инсандын өмүр баяны боюнча изилдөө жүргүзүү. |
| | Мезгил сызыгын жана окуялардын хронологиясын түшүнөт. | Белгилүү бир тарыхый окуянын мезгилдик тилкесин түзүү. |
| | Тарыхый булактар менен иштей билет. | Документтерди, карталарды жана археологиялык табылгаларды талдоо. |
| **8-класс** | Тарыхый окуялардын себептерине жана натыйжаларына талдоо жүргүзөт. | Тарыхый чыр-чатактардын себептерин жана натыйжаларын талдоо жана талкуулоо. |
| | Тарыхый окуяларды салыштыруу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүсү өнүгөт. | «Эгерде...» деген темада дилбаян жазуу. |
| | Тарыхтын бүгүнкү күндөгү жашоого таасирин түшүнөт. | Тарыхый окуялардын азыркы коомго таасири тууралуу долбоорлорду иштөө. |
| **9-класс** | Тарыхый окуяларга карата ар кандай көз караштарды өздөштүрөт жана талдайт. | Тарыхый окуялардын мааниси боюнча талкуулар жана талаш-тартыштар. |
| | Инсандардын тарыхтагы ролуна баа бере алат. | Ар кайсы доордогу жолбашчылардын ишмердүүлүктөрү боюнча долбоордук иштерди аткаруу. |
| | Тарыхый далилдөө билгиликтерине ээ жана аларды өнүктүрөт. | Окуучулук семинарларда, илимий-практикалык конференцияларда ж.у.с. долбоорлорду коргоо. |

## 5 (6)-класс

### ТАРЫХ

**(Жылына 68 саат, жумасына 2 саат)**

Бул курс окуучуларды кыргыз элинин салттарын, маданий өзгөчөлүктөрүн жана дүйнөлүк цивилизациялар менен болгон карым-катнаштарын цивилизациялык мамиленин көз карашы аркылуу Кыргыз өлкөсү менен тааныштыруу максатында иштелип чыккан.

**1. Курстун максаты**

**Кыргыз тарыхын бүткүл дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү катары түшүнүүнү калыптандыруу.**

Окуучуларга цивилизациялык мамиленин негизинде Кыргызстандын тарыхынын негизги этаптары менен тааныштыруу. Кыргыз тарыхы жалпы адамзат тарыхы менен тыгыз байланышта окуп-үйрөнүү. Кыргыздардын дүйнөлүк тарыхтагы, Борбордук Азиянын цивилизациялык өнүгүүсүндөгү ордун жана ролун, башка элдер менен болгон мамилесин көрсөтүү. Улуттук каада-салттарды, маданиятты жана тарыхый мурастарды урматтоону жана ага берилгендикти өнүктүрүү. Тарыхый окуяларды талдоодо окуучулардын алгачкы көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**2. Курстун негизги темалары**

**I чейрек** ***(9 жума / 18 саат)***

**I бап. ТАРЫХТЫ ОКУП ҮЙРӨНҮҮГӨ КИРИШҮҮ**

***1-сабак.*** **Киришүү. Кыргыз элинин байыркы түп тамырлары** *(1 саат)*

Тарых деген эмне? Эмне үчүн тарыхты окуп-үйрөнөбүз? Адамдар жашап өткөн доорун кантип билишет? Тарых эмнени үйрөтөт? Тарыхты окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгы барбы? Кыргызстандын тарыхынан эмнелерди үйрөнөбүз? Элдин тарыхы жана жердин тарыхы.

***2-сабак.*** **Мекеним — Эгемендүү Кыргызстан.** *(1 саат)*

Көз карандысыз өлкөнүн калыптанышы. Биздин Мекенибиздин чек арасы, административдик бөлүнүшү, жаратылыш байлыктары калктын көп этностуу курамы. Этностор аралык мамилелер.

***3-сабак.*** **Улуттук символдор**. *(1 саат)*

Улуттук символ деген эмне? Кыргызстандын улуттук символдору: Герб, Желек, Гимн.

***4-сабак:*** **Тарыхый убакыт. Мезгил сызыгы.** *(1 саат)*

«Тарыхый убакыт» түшүнүгү. Убакытты өлчөө бирдиктери (күн, түн, сутка, жума, апта, ай, жыл, он жылдык, кылым, миң жылдык, доор). Мезгил сызыгы менен иштөө: жөнөкөй тарыхый окуяларды жайгаштыруу. Убакытта окуялардын улануучулугу тууралуу элестетип түшүнүүлөр.

***5-сабак:*** **Жыл эсептөөнүн түрдүү системалары.** *(1 саат)*

Заман түшүнүгү жана жыл эсептөөнүн түрдүү системалары. Иудей, христиан жана мусулман жыл эсептөөлөрү. Күн календары (жыл эсеби) жана Ай эсеби.

***6-сабак.* Кыргыздардын жыл эсеби.** *(1 саат)*

Кыргыздардагы убакыт жөнүндө түшүнүк. Он эки айбандык (мүчөл) жыл эсеби. Жыл жана ай эсеби. Айлардын аталыштары жана алардын чечмелениши. Өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн турмушундагы окуялардын жадыбалын түзүү.

***7-сабак:* Тарыхый булактар.** *(1 саат)*

Тарыхты кантип изилдейбиз? Тарыхый булак деген эмне? Тарыхый булактардын түрлөрү. Адамзат тарыхын тактоодо тарыхый булактардын ролу.

***8-сабак.* Жазма даректер.** *(1 саат)*

Жазма даректер деп биз эмнени айтабыз? Жазуу качан, кайда жана кантип пайда болгон. Жазма даректер үчүн материалдар жана жазуу куралдары: чопо, таш, кагаз, тери, калем, бор, боёк.

***9-сабак.* Түркүн элдердин жазуусу**. *(1 саат)*

Жазма даректердин түрлөрү: алардын окшоштугу жана түрдүүлүгү. Чиймелеп сүрөттөө (пиктография), иероглиф, муундук жана тыбыштык алфавит. Аска беттериндеги сүрөттөр жана жазуулар, жылнаамалар, аңгемелер, баяндар, дастандар, келишимдер, жардыктар, уламыштар, санжыралар.

***10-сабак.* Кыргыздардын жазуусунун пайда болушу жана өнүгүшү**. *(1 саат)*

Кыргыздардын өткөн турмушу жөнүндө жазма даректер. Кыргыздардын байыркы жазуусу. Орхон эне-сай жазмалары. Кыргызстандагы жазуу эстеликтеринин тарыхы.

***11-сабак.* Заттык маданий эстеликтер (Археология).** *(1 саат)*

Заттык эстеликтер деген эмне жана алар бизге кандай маалыматтарды бере алат. Заттык эстеликтердин түрлөрү: турак жайлар, имараттар жана коргондор, шаймандар, курал-жарактар, идиш-аяктар, эмеректер, кооздук буюмдары. Табылгалардын жашын аныктоо, этносистемалык хронология боюнча тактоо иштери. Археологиялык булактар жана изилдөөлөр. Археологдордун иш ыкмасы жана алардын казына изилдөөдөн айырмасы. Табылгалардын жашын аныктоо, этносистемалык хронология боюнча тактоо иштери.

***12-сабак.* Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер**. *(1 саат)*

Байыркы турак-жайлар. Мунаралар жана чептер. Имараттар жана коргондор. Кербен сарайлар жана мовзелейлер.

***13-сабак.* Нумизматика.** *(1 саат)*

Акчанын пайда болушу, алардын арналышы. Тыйын — өткөн доор жөнүндөгү билимдердин булагы. Түрдүү элдердин байыркы тыйындары. Тыйын казыналары, алардын пайда болушунун себептери. Казыналарды изилдөө.

***14-сабак.* Кыргыздарда жана Кыргызстанда колдонулган акча.** *(1 саат)*

Тыйын, акча, сом, теңге сөздөрүнүн келип чыгышы. Кыргызстандын акча бирдигинин киргизилиши (1993-ж.).

***15-сабак.* Генеалогия.** *(1 саат)*

Санжыра: ата-бабалар, укум-тукумдар, урпактар, муундар. «Адамдын жашоо ьщгайы»: өткөн, бүгүнкү доор жана келечек менен салыштыруу. Санжырачылыктагы салттар — Инжилде (Библияда), Куранда, түрк элдеринин дастандарында жана уламыштарында.

***16-сабак.* Оозеки чыгармачылык жана анын кыргыздардын тарыхындагы орду.** *(1 саат)*

Оозеки чыгармачылыктын аныктамасы: билимди, тарыхый окуяларды, маданий нормаларды жана салттарды берүү формасы катары. Оозеки тарыхтын мааниси: жазуу пайда болгонго чейин оозеки салт маалымат берүүнүн негизги жолу.

Уламыштар - баатырдык эрдиктер жөнүндө, элдин келип чыгышы жана жөнүндө. Ырлар жана поэмалар - майрамдарда, тойлордо, жолдо ырдалган ырлар аркылуу тарыхый окуялардын сакталышы.

***17-сабак.* Оозеки чыгармачылык жана анын азыркы учурдагы мааниси.** *(1 саат)*

Оозеки чыгармачылык аркылуу: жазуу жана техниканын өнүккөн доордо балдарды каада-салтты жана маданиятты урматтоо духунда тарбиялоо үчүн ролу. Технологиялар жана оозеки салт: видео, аудио файлдар жана интернет булактары аркылуу оозеки салтты сактоонун заманбап формалары.

***18-сабак.* Жалпылоо сабагы.** *(1 саат)*

**II чейрек *(7 жума / 14 саат)***

***19-сабак.* Уламыштар жана аңгемелер – «жандуу тарых».** *(1 саат)*

Уламыштар жана аңгемелер: Бул аңгемелер көбүнчө мифологиялык негизге ээ, бирок алар чыныгы тарыхтын жана коомчулуктун баалуулуктарынын элементтерин да камтышы мүмкүн. Кыргыздардын келип чыгышы: эң кеңири тараган уламыштардын айрымдары – кыргыздардын келип чыгышы, алардын алгачкы жетекчилери жана эркиндик үчүн күрөшү жөнүндөгү мифтер. Баатырлар жөнүндөгү аңгемелер: мындай аңгемелер көбүнчө адеп-ахлак элементтерин камтыйт, эр жүрөк болууга, чынчыл болууга, өз жерин, үй-бүлөңдү коргоого үйрөтөт.

***20-сабак.* Кыргыз санжырачылык салты.** *(1 саат)*

Тарыхый эс тутумдун салттары. Санжыра деген эмне? Укумдан-тукумга өтүп келе жаткан генеалогиялар. Санжыра – жамааттык эс тутумдун, коомдук негизи болгон аңгемелер. Санжырада чыгаан ата-бабалар тууралуу окуялар кантип пайда болот. Манас баатырдын санжыралык тегин аныктоо.

***21-сабак.* Санжыра – Тарыхты үй-бүлө аркылуу сактоо.** *(1 саат)*

Санжыра боюнча белгилүү бир үй-бүлөдөгү маанилүү окуялар, адамдар жана алардын эрдиктери. Үй-бүлөлүк мурастар жана жеке окуялар: үй-бүлө жана ата-бабалар жөнүндө жеке окуяларды сактоонун маанилүүлүгү. Мисалы, ата-бабалардын тарыхый окуяларга кантип катышканы же үй-бүлөнүн кыйынчылыктардан кантип аман калганы жөнүндө баян. Өз санжырасын түзүү.

***22-сабак.* Сфрагистика.** *(1 саат)*

Белги-тамгалардын келип чыгышы жана арналышы. Белги-тамга—тарыхый булак катары. Кыргыздар колдонгон белги-тамгалар, алардын чечмелениши.

***23-сабак.* Кыргыздар жана кыргыз уруулары пайдаланган белги-тамгалар**. *(1 саат)*

Жеке адамдарга жана уруу башчыларына тиешелүү мөөрлөр. Ар бир уруунун эн тамгасы жана анын келип чыгыш тарыхы.

***24-сабак.* Топонимика.** *(1 саат)*

Топонимика эмнени үйрөтөт? Географиялык картадагы аталыштар жана алардын маани-маңызы. Топонимдерди түзүүнүн негизги жолдору (отурукташкан жайдын же анын кожоюнунун, тарыхый инсандардын атынан, объектинин географиялык өзгөчөлүктөрүнөн). Гидронимдер жана урбононимдер. Топонимдик табышмактарды чечебиз: түрдүү тилдеги географиялык аталыштар;

шаарлардын аттары; кишинин ысымдарынан жана фамилияларынан топонимдердин түзүлүшү. Географиялык аталыштар — өткөндүн күбөлөрү.

***25-сабак.*** **Кыргыздардагы тарыхый жана географиялык аталыштары.** *(1 саат)*

Географиялык аттардын келип чыгышы жөнүндө кыргыз уламыштары. Топонимдер кандай болушу керек. Кыргызстандагы жер-суу, шаар, айыл-кыштактардын аталыштары жана аларды кайра атоолор жөнүндө. Өз районуңдун, айылдын аталыш тарыхы.

***26-сабак.*** **Дүйнөлүк карта.** *(1 саат)*

Карта деген эмне? Картанын түрлөрү. Мамлекеттердин, шаарлардын, маанилүү окуялардын тарыхый картада чагылдырылышы.

***27-сабак.*** **Кыргызстан - дүйнөлүк картада.** *(1 саат)*

Эгемендүү мамлекетибиздин дүйнөлүк картадагы орду жана анын мааниси. Түрк дүйнөсүнүн картасы

***28-сабак.*** **Ономастика.** *(1 саат)*

Ономастика эмнени үйрөтөт? Улуттун, Элдин, уруунун жана уруктун аталыштары. Адам аттары.

***29-сабак.*** Кыргыз о**номастикасы.** *(1 саат)*

Кыргыздар колдонгон адам аттары. Өзүңдүн, ата-энеңдин аттарын чечмеле.

***30-сабак.*** **Тарыхый чен бирдиктери.** *(1 саат)*

Чен бирдиктеринин келип чыгышы. Ченөөнүн зарылдыгы (көңүлдө элестеткен аралды ченеп көрөбүз). Аралыкты, аянтты жана узундукту ченөөнүн алгачкы бирдиктери: күн жолу (өткөөлдөр, күн жана түн), саржан, фут, аршин, вершок, дюйм, чакырым, десятина, теше, фарсах, миль, стадий ж.б.

Салмакты жана көлөмдү ченөө бирдиктери: пуд, фунт, челек, чака, бөтөлкө, аяк, код, чейрек, осьмин, вир унаа (ат, төө, эшек) жүгү. Таразалоо өткөндөгү жана азыркы чен системасын билүүнүн зарылдыгы.

***31-сабак.*** **Кыргыздардын ченөө бирдиктери**. *(1 саат)*

Кыргыздарда аралыкты, аянтты жана узундукту ченөөнүн алгачкы бирдиктери: күн жолу (өткөөлдөр, күн жана түн), чыканак, кадам, алакан, кулач, карыш, укум, эли, аркан бою, чылбыр бою, сөөмөй, чакырым, ат чабым, чай кайнам узак, теше, таман, ж.б.

***32-сабак.*** **Чейректик жалпылоо сабагы.** *(1 саат)*

Тарыхты изилдөөдөгү көмөктөш каражаттар — адамзаттын ишмердүүлүгү менен пайда болгон нерселер, адамдар өзгөрткөн, пайдаланган нерселер. Азыркы доорду келечекте изилдөө үчүн кайсы заттар булак болору тууралуу ой жоруу.

**III чейрек *(10 жума / 20 саат)***

**II бап. КЫРГЫЗДАРДЫН МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТЫ.**

***33-сабак.*** **Кыргыздардын улуттук кийимдери** *(1 саат)*

Эркектердин улуттук кийимдери. Аялдардын улуттук кийимдери. Материалдары. Зер буюмдары.

***34-сабак.*** **Кыргыздардын улуттук тамак-ашы** *(1 саат)*

Эт азыктары. Сүт азыктары. Нан азыктары. Ичимдиктери жана суусундуктары.

***35-сабак.*** **Кыргыздардын тиричилик буюмдары** *(1 саат)*

Чий. Кийиз, туш кийиз, ала кийиз жана шырдак. Кымыз сабаа. Чопо жана жыгач идиштер. Ат жабдыктары. Бозүй — кыргыз маданиятынын символу.

***36-сабак.*** **Салттуу жашоо образы жана турмушу.** *(1 саат)*

Көчмөн жашоо, боз үй, үй-бүлө, каада-салттар, Салттуу көчмөн жашоо: боз үй, жыл мезгилине жараша көчүү.

## III бап. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН РУХИЙ МАДАНИЯТЫ

***37-сабак.*** **Кыргыз элининн көркөм маданияты** *(1 саат)*

Элдик оймо-чиймелер. Музыка жана ырлар. Нооруз майрамы. « Майрамдар (Нооруз, Тушоо кесүү). Ырымдар, жомоктор, уламыштар.

***38-сабак.*** **Улуттук баалуулуктар жана нарк-насил.** *(1 саат)*

Нарк деген эмне? Урмат-сый, улууну сыйлоо, кичүүгө үлгү болуу. Намыс, уят, калыстык, ак жол. Үй-бүлө жана тууганды к мамилелер. Жигиттик нарк. Нарк менен каада кандай байланышта?

***39-сабак.*** **Азыркы Кыргызстан: салттар жана өнүгүү.** *(1 саат)*

Кыргызстандын көз карандысыз мамлекет катары жарыяланышы. 31-август — улуттук майрам. Кыргызстандын эгемендүүлүгү: эмне өзгөрдү? XXI кылымда улуттук маданиятты сактоо. Кыргызстан азыркы дүйнөдө: экономика, технология жана жаштар.

***40-сабак.*** **Кыргыз элининн каада-салттары жана майрамдары.** *(1 саат)*

Каада-салттар — бул адамдардын жашоо мүнөзү. Меймандостук. Конок күтүү салты, дасторкон маданияты. Бешикке салуу, ат коюу, тушоо кесүү, үйлөнүү, өлүм-жоктошуу салты, Кыргыздын бала тарбиялоо салттары. Улуттук оюндар. Нооруз майрамы.

***41-сабак.*** **Табият жана жаратылыш менен жашоо байланышы.** *(1 саат)*

Мал чарба жана көчмөн чарба турмушу. Жаратылыш менен байланыш: ыйык тоо, булак, жаныбарлар. Мергенчилик. Кыргыздын жаратылышка болгон мамилеси, жаратылышка сый-урмат. Элдик жомоктордо, дастанда жаратылыштын орду. Жаратылышты коргоо салттуу баалуулук катары.

***42-43-сабак.*** **«Манас» эпосу – оозеки салттын өзөгү.** *(2 саат)*

Эпос деген эмне? Элдик оозеки чыгармачылык. «Манас» — Кыргыз маданиятынын туу чокусу. Эпос тарыхты поэтикалык, көбүнчө ыр түрүндө берүү формасы катары.

Манас эпикалык жана тарыхый булак катары: анда баатырдык окуялар, кыргыз элинин турмушу, күрөшү жөнүндөгү окуялар. Ошондой эле элдин дүйнө таанымы, жаратылыш, согуш, бийлик, коом менен болгон мамилеси.

***44-сабак.*** **«Манасчы жомокчу гана эмес, элдин тарыхын сактоочу да» - долбоордук сабак.** *(1 саат)*

Окуучу манасчынын ролунда өзүн сынап көрө алат, эпостун бөлүктөрүн же башка окуяларды кайталай алат. Манасчылардын салты: жомокчулар кандай даярдалган, кандай ырым-жырымдар болгон, текстке берилгендик сакталган.

## IV бап. КЫРГЫЗДЫН ЧЫГААН ДААНЫШМАНДАРЫ.

***45-сабак.*** **Жусуп Баласагуни жана Махмуд Кашгари**. *(1 саат)*

Жусуп Баласагуни жана Махмуд Кашгари — XI к. ойчулдары жана илимпоздору. Алардын көөнөргүс мурастары.

***46-сабак.* Касым Тыныстанов — кыргыз илиминин жана маданиятынын жарык жылдызы**. *(1 саат)*

Балалык чагы жана өспүрүм жылдары. Эне тилине жана адабиятка кызыгуусу. Кыргыз жазуусунун өнүгүшүнө кошкон салымы. И. Арабаев баштаган кыргыз алфавитин өркүндөтүүгө жигердүү катышуусу. К. Тыныстанов — «Окуу китеби» алиппесинин жана башка окуу китептеринин автору. Акын жана драматург. Окумуштуу-лингвист. Коомдук ишмер.

***47-сабак.* Чыңгыз Айтматов** *(1 саат)*

Чыңгыз Айтматов — кыргыз элинин дүйнөгө таанылган улуу жазуучусу, ойчулу жана коомдук ишмери. Балалыгы жана билим алышы. Айтматовдун эң белгилүү чыгармалары. Айтматовдун бүткүл дүйнөлүк таасири.

***48-сабак.* Поливанов Евгений Дмитриевич (1891–1938)** *(1 саат)*

Евгений Дмитриевич Поливановдун кыргыз тарыхындагы орду. Е. Д. Поливановдун Кыргызстандагы илимий ишмердүүлүгү. «Манас» эпосун изилдөөгө жана жайылтууга кошкон салымы.

***49-сабак.* Кыргызстанды жана анын элин сүйгөн мекенчил инсан** *(1 саат)*

Теодор Герцен — «Манас» эпосунун иллюстратору. Теодор Герцендин монументалдык чыгармалары. Теодор Герцендин эл менен байланышы. Т. Т. Герцен (1935–2003) — Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү.

***50-сабак.* Мекенчил чыгаан композиторлор** *(1 саат)*

Алгачкы кыргыз операларынын жаратмандары: Власов Владимир Александрович (1902–1986), Абдылас Малдыбаев (1906–1978), Фере Владимир Георгиевич (1902–1971). Кыргыз маданиятынын баалуу мурастары.

***51-сабак.* Долбоордук сабак.** *(1 саат)*

«Оозеки чыгармачылыктагы менин тарыхым» - оозеки салт аркылуу өз тарыхын изилдөө жана көрсөтүү. Мисалы, үй-бүлөңүз жөнүндө окуяларды чогултуп, эпостун элементтерин, уламыштарды, салттарды долбоорго киргизүү.

***52-сабак.* Чейректик жалпылоо сабагы.** *(1 саат)*

**IV чейрек *(8 жума / 16 саат)***

**V бап. АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮН ТҮПТӨГӨН АТАЛАР.**

***53-сабак.* Азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар.** *(1 саат)*

Кыргыз автономиясы үчүн күрөшкөн бабаларыбыз. Тоолуу область. Кара-Кыргыз автономиялык областы. Кыргыз Совет автономиялык республикасы. Кыргыз ССРи.

***54-сабак.* Абдыкерим Сыдыков — кыргыздын чыгаан коомдук жана мамлекеттик ишмери, окумуштуу тарыхчы (1 саат)**

Балалык чагы. Жаштык курагы жана билим алуусу.

Ишмердүүлүктүн башталышы. Кыргыз жазмасынын өнүгүшүнө кошкөн салымы. Агартуучулук ишмердүүлүгү. Маданиятка кошкон салымы.

***55-сабак.* Иманалы Айдарбеков — Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөчүлөрдүн бири** *(1 саат)*

Балалык чагы. Жаштык курагы жана билим алуусу. Коомдук жана саясий турмушка аралашуусу. Автономия үчүн күрөш. Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшү. Андан аркы ишмердүүлүгү. Кыргыз ССРинин түзүлүшү.

***56-сабак.*** **Жусуп Абдрахманов — Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин биринчи төрагасы**. *(1 саат)*

Балалык чагы жана өспүрүм жылдары. Билимге жана жигердүү турмуштук багытка умтулуусу. Социалдык-саясий турмушка аралашуусу. Автономия үчүн күрөш. Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшү (1924). Кыргыз АССРинин биринчи жетекчиси жана жетекчилик ишмердүүлүгү. Кыргызстандын келечегине көз караш.

***57-сабак.*** **Абдыкадыр Орозбеков — Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу Комитетинин биринчи төрагасы**. *(1 саат)*

Балалык чагы жана өспүрүм жылдары. Автономия үчүн күрөшкө катышуусу. Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу Комитетинин биринчи төрагасы болуп шайланышы (1927). Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы катары ишмердүүлүгү. Улуттук маданиятты жана тилди өнүктүрүүгө кошкон салымы. Союздук республикага айландыруу иштерине катышуусу.

***58-сабак.*** **Ишеналы Арабаев — кыргыз жазуусунун негиздөөчүсү**. (1 саат)

Балалык чагы жана өспүрүм жылдары. Билимге умтулуу. Тилге жана элдик оозеки чыгармачылыкка кызыгуусу. Араб графикасынын негизинде кыргыз алфавитин түзүү (1924) жана анын мааниси. И. Арабаев түзгөн алгачкы «Алиппе». Агартуучулук ишмердүүлүк. Илимге жана маданиятка кошкон салымы.

**59–60-сабактар. «Азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар» темасындагы конференция-сабак.** *(2 саат)*

**VI бап. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «УЛУТТУК ДЕМ — ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК» УҢГУЖОЛУ**

**61-сабак. «Улуттук дем» — бул Кыргыз Республикасынын элин бириктирүүчү**

**күч (1 саат)**

Улуттук дем — биздин тарыхыбыз жана каада-салттарыбыз. Улуттук дем — биздин тилибиз. Улуттук дем — биздин маданиятыбыз. Улуттук дем — биздин меймандостугубуз. Улуттук дем — биздин жаратылышыбыз. Улуттук дем — биздин баалуулуктарыбыз.

**62-сабак. «Дүйнөлүк бийиктик» — бул биздин кыялдарыбыз жана**

**умтулууларыбыз (1 саат)**

Дүйнөлүк бийиктик — акылдуу жана билимдүү болуу. Дүйнөлүк бийиктик — дени сак жана күчтүү болуу. Дүйнөлүк бийиктик — жаңы технологияларды билүү жана колдонуу. Дүйнөлүк бийиктик — бардык элдер менен достук мамиледе болуу. Дүйнөлүк бийиктик — башка өлкөлөргө үлгү болуу.

**63-сабак. Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик»**

**уңгужолу (1 саат)**

Уңгужол — улуттук дем менен дүйнөлүк бийиктикке карай жол көрсөтүүчү жарык. Жалпы максат. Жалпы эрежелер. Бирдиктүү дем. Ынтымак жана биримдик. Изги ийгиликтер.

**VII бап. «КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ» ДЕП ӨЗҮН ТААНУУНУ АҢ-СЕЗИМДҮҮ ТҮШҮНҮҮ** *(1 саат)*

***64-сабак.*** **«Кыргыз жараны» экенин аң-сезимдүү түшүнүү деген эмне?** *(1 саат)*

Өз мамлекетинин символдорун билүү жана урматтоо. Мамлекеттик тилди билүү. Өз мамлекетинин тарыхын билүү. Өз мамлекетинин маданиятын урматтоо жана аздектеп сактоо. Өз укуктарын жана милдеттерин билүү жана түшүнүү. Жоопкерчиликтүү болуу.

***65-сабак.* «Кыргыз жараны» экенин туйдурган сезимдер** *(1 саат)*

Сыймыктануу сезими. Жоопкерчилик сезими. Биримдик жана таандыктык сезими. Күнүмдүк иш-аракеттердеги жетишкендиктерге жана ийгиликтерге кубануу сезими. Дайыма үйрөнүү жана өнүгүү керектигин туюу сезими.

***66–67-сабактар.* «ОКУУЧУ ӨЗҮНҮН ЖООПКЕРЧИЛИГИН СЕЗГЕН УЧУРЛАР» темасындагы чыгармачылык практикалык сабак.** *(2 саат)*

***6-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

**Түзүүчүлөр:**
***М.К.Иманкулов,***
***А. Б. Элебесова.***

# 7-класс

# Т А Р Ы Х

***(Жылына 68 саат, жумасына 2 саат)***

## I чейрек *(18 саат)*

***1-сабак.* Киришүү** *(1 саат)*

Тарых сабагын үйрөнүүнүн маанилүүлүгү. 7-класстар тарыхтын кайсы доорлорун окушат? Кыргызстандын тарыхынан эмнелерди үйрөнөбүз? Дүйнөнүн тарыхынан эмнелерди үйрөнөбүз? Биз билишибиз керек болгон терминдер.

### I бөлүм. КӨЧМӨНДӨР ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ ЖАНА КЫРГЫЗДАР

***2-сабак.* § 1. Биринчи Кыргыз кагандыгынын өнүгүшү** *(1 саат)*

Кыргыз кагандыгынын башкаруу системасы. Барс кагандын мезгили. Кыргыз кагандыгынын коңшу элдер менен мамилеси. Кыргыз маданияты.

***3-сабак.* § 2. Түргөш кагандыгы (699–766)** *(1 саат)*

Түргөш кагандыгынын негизделиши. Түргөштөрдүн коңшу өлкөлөр менен мамилеси. 751-жылдагы Талас салгылашы. Түргөштөрдүн маданияты.

***4-сабак.* § 3. Көчмөндөрдүн жазма маданияты** *(1 саат)*

Орхон-Енисей жазма эстеликтери (таштагы жазуулар). Битиг ариби. Кыргыздарга таандык енисей жазмасы. Кыргызстанда табылган эски жазуулар.

***5-сабак.* § 4. Экинчи Уйгур кагандыгы** *(1 саат)*

Тогуз-огуздардын коңшу элдер менен болгон мамилелери. Экинчи Уйгур кагандыгынын саясий тарыхы (744–840). Тогуз-огуздардын маданияты жана дини.

***6-сабак.* § 5. Улуу Кыргыз кагандыгынын негизделиши** *(1 саат)*

Улуу Кыргыз кагандыгынын түптөлүшү (840-920). Кыргыз дөөлөтүнүн башка мамлекеттер менен болгон байланыштары. Улуу Кыргыз кагандыгынын мамлекеттик-саясий ишмерлери жана алардын наамдары.

***7-сабак.* § 6. Кыргыз армиясы** *(1 саат)*

Кыргыз аскеринин саны жана жоокердик өнөрү. Согуштук кийимдер жана курал-жарактар. Көчмөндөрдө аскердик тарбия жана машыгуу.

***8-сабак.* § 7. Карлук кагандыгы (756–940)** *(1 саат)*

Карлуктардын Алтайдан Теңир-Тоого көчүп келүүсү жана мамлекетинин жаралуусу. Кагандыктын аймагы, калкы жана чарбачылыгы. Коңшу мамлекеттер менен болгон байланыштары. Карлуктардын маданияты.

***9-сабак.* § 8. Кыргыздардын исламга чейинки маданияты** *(1 саат*

Кыргыздардын алгачкы диний элестөөлөрү жана дүйнө таанымы. Көчмөн кыргыздардын материалдык маданияты. Кыргыздардын руханий маданияты.

***10-сабак.* § 9. Булгар падышалыгы** *(1 саат)*

Булгарлардын жайгашуусу. Биринчи Булгар падышалыгы (681–1018). Булгарлардын христиандашуусу жана славяндашуусу.

***11-сабак.* § 10. Хазар кагандыгы (650–969)** *(1 саат)*

Хазар кагандыгынын негизделиши. Хазарлардын коңшу өлкөлөр менен болгон мамилеси. «Хазар тынчтыгы» доору (VII-IX кк.). мусулман окумуштууларынын Хазариядагы саякаттары.

***12-сабак.* § 11. Кангар союзу жана печенектер** *(1 саат)*

Кангар (каңды) союзунун пайда түзүлүшү. Союздун аймагындагы шаарлар. Печенектер (батыш кангарлары) жана алардын батышка көчүүсү. Печенектердин маданияты жана дини.

***13-сабак.* § 12. Огуз мамлекети (750–1055)** *(1 саат)*

Огуз мамлекетинин саясий түзүлүшү. Огуздардын 24 уруусу. Ислам дининин кабыл алынышы.

***14-сабак.* § 13. Кимак кагандыгы (750–1035)** *(1 саат)*

Кимактардын келип чыгышы. Дашт-и Кыпчак (Половец, Кумания) талаасынын саясий тарыхы. Кимак-кыпчактардын маданияты.

***15-сабак.* Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***16–17-сабактар.* «Көчмөндөр» темасындагы конференция-сабак** *(1 саат)*

***18-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## II чейрек *(14 саат)*

### II бөлүм. КЫРГЫЗСТАН КАРАХАНДАРДЫН ДООРУНДА *(14 саат)*

***19-сабак.* § 14. Караханий кагандыгынын негизделиши** *(1 саат)*

Карахандар (илекхандар) династиясынын келип чыгышы. IX к. аягы – X к. ортосуна чейинки саясий окуялар. Абдыкерим-Сатук буура-хан. Малекеттин саясий түзүлүшү, башкаруу системасы жана мыйзамдары.

***20-сабак.* § 15. Байташ хандын башкаруусу** *(1 саат)*

Муса-Байташ кара-хандын башкаруусу (955–971). Суу чарбасынын, транстпорттун өнүгүшү, мектеп жана китепканалардын ачылышы. Исламдын расмий дин болуп жарыяланышы.

***21-сабак.* § 16. Харун хандын башкаруусу** *(1 саат)*

Харун буура-хандын башкаруусу (971–992). Караханий-саманий согушу. Бухаранын убактылуу ээлениши. Ферганада күмүш дирхемдердин чыгарылышы.

***22-сабак.* § 17. Али хандын жана Ахмад хандын башкаруусу** *(1 саат)*

Али Арслан-хандын башкаруусу (971-998). Караханий-Хотан согушу. Ахмад хандын башкаруусу (998–1017). Мавераннахрдын каратылышы. Чыгыш Түркстандын ээлениши. Караханий-газневий мамилелери.

***23-сабак.* § 18. Мансур хандын жана Мухаммед хандын башкаруусу** *(1 саат)*

Мансур Арслан-хандын башкаруусу (1017–1024). Ханзаадалардын өз ара тирешүүсү. Караханий-каракытай согушу. Мухаммед тоган-хандын башкаруусу (1024–1026). Газневийлердин кийлигишүүсү.

***24-сабак.* § 19. Юсуф хандын жана Сулайман хандын башкаруусу** *(1 саат)*

Юсуф Кадыр-хандын башкаруусу (1026–1032). Улуу Жибек жолунун коопсуздугу. Сулайман арслан-хандын башкаруусу (1032–1040). Мамлекеттин экиге бөлүнүшү.

***25-сабак.* § 20. Ибрахим хандын башкаруусу** *(1 саат)*

Ибрахим Тамгач-хандын башкаруусу (1040–1068). Самарканддын борборго айлануусу. Акча реформасы. Окуу жайлардын жана ооруканалардын ачылышы.

***26-сабак.* § 21. Чыгыш-карахандар хандыгы** *(1 саат)*

Шах-Фазил күмбөзүнүн тарыхы. Каракытайлардын Баласагунду ээлеши. Карахандар-селжуктар союздаштыгы. Карлуктардын көтөрүлүшү. Карахандар менен хорезмшахтардын мамилелери. Наймандарга каршы жортуул (1175). Наймандардын басып алуусу (1211).

***27-сабак.* § 22. Батыш-карахандар хандыгы** *(1 саат)*

Шамсулмүлктүн башкаруусу (1068–1080). Карахан-сулжук мамилелери. Омор Хайамдын келүүсү. Кербен сарай, хан сарай жана мечитттердин курулушу. Карахандар-хорезмшахтар мамилелери. Карахан- каракытай мамилелери.

***28-сабак.* § 23. Карахандардын мезгилиндеги чарбачылык жана материалдык маданият** *(1 саат)*

Кыргызстанда X–XII кылымдарда жашаган элдердин чарбалык турмушу. Материалдык маданият. Кыргызстандын аймагындагы шаарлар, кыштактар жана кербен-сарайлар.

***29-сабак.* § 24. Карахандардын мезгилиндеги руханий маданият** *(1 саат)*

Кыргызстанда X–XII кылымдарда жашаган элдердин маданияттары. Баласагындык Жусуп хажиб жана анын «Кутадгу билиг» («Куттуу билим») поэмасы. Барскандык Махмуд жана анын сөздүгү.

***30-сабак.* § 25. Карахандар мезгилиндеги дин** *(1 саат)*

Диний окуу жайлар жана илимдер. Ош жана Өзгөндөн чыккан аалымдар. Сиражидин Оший жана анын эмгеги. Имам Сарахсий. Сопучулуктун өнүгүшү. Арслан-боб жана Ахмад Ясави.

***31-сабак.* Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***32-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## III чейрек *(20 саат)*

### II бөлүм. ДҮЙНӨНҮН ТАРЫХЫ (IX–XIV кк.)

***33-сабак.* § 26. Орто кылымдардагы Корея жана Жапония** *(1 саат)*

Корё империясы (918–1259) жана корей маданияты. Жапониянын тарыхындагы Нара жана Хэйан доорлору (710–1185). Орто кылымдардагы жапон маданияты.

***34-сабак.* § 27. Тан империясы (618-907)** *(1 саат)*

Башкаруучу династыянын келип чыгышы. Тан империясынын коңшу өлкөлөр менен болгон мамилеси. Буддизмдин жайылышы. Тан доорундагы кытай маданияты.

***35-сабак.* § 28. Араб халифалыгы** *(1 саат)*

Мусулман жамаатынын жана мамлекетинин пайда болушу. Рашид халифалардын мезгили (632–661). Умавилер (омейяддар) династиясы (661–750).

***36-сабак.* § 29. Аббасий халифалыгы** *(1 саат)*

Аббасийлер империясынын коңшу мамлекеттер менен болгон мамилеси. Мамлекеттин экономикасы. Халифалыктын алсырашы.

***37-сабак.* § 30. Мисирдеги мусулман түрк мамлекеттери** *(1 саат)*

Араб халифалыгында түрк тектүү аскерлердин күчөшү. Тулунийлер мамлекети (865–905). Византияга каршы согуш. Ихшидийлер мамлекети (935–969).

***38-сабак.* § 31. Мусулман иран мамлекеттери** *(1 саат)*

Ирандагы интермеццо. Тахирийлер мамлекети (821–873). Алавийлер эмирлиги (864–928). Саффарийлер мамлекети (861–1003). Зиярийлер эмирлиги (931–1090). Бувайхи мамлекети (934–1062).

***39-сабак.* § 32. Саманий мамлекети (875–999)** *(1 саат)*

Саманий мамлектинин негизделиши. Саманийлердин коңшу өлкөлөр менен болгон мамилеси. Мавераннахрдагы ислам маданияты.

***40-сабак.* § 33. Ислам дүйнөсүнүн маданияты** *(1 саат)*

Сыйынуу имараттарынын типтери жана архитектуралык стилдери. Мусулман каллиграфиясы жана живопись. Музыка жөнүндө изилдөөлөр. Араб адабияты жана поэзиясы.

***41-сабак.* § 34. Азияда илимдин өнүгүшү** *(1 саат)*

Багдаддагы «Даанышмандык үйү» («Байт ал-хикма») академиясы жана эски эмгектердин арабчага которулушу. Астрономия, математика, медицина, физика, химия сыяктуу илимдердин өнүгүшү. Мусулман окумуштуулары жана алардын ачылыштары.

***42-сабак.* § 35. Газневилер мамлекети** *(1 саат)*

Газневилер мамлекетинин түзүлүшү (961–1086-жж.). Махмуд Газневи жана Себуктегиндин мезгилиндеги мамлекеттин күч алышы. Индияны исламдаштыруудагы газневилердин ролу. Газневилердин маданияты.

***43-сабак.* § 36. Улуу Селжук империясы** *(1 саат)*

Селжуктар мамлекети (1038–1157-жж.). Вазир Низамулмүлктүн реформалары. Кичи Азияны түрктөштүрүү процессинин башталышы. Мусулман маданиятынын борбору катары Мар, Балх, Рей, Исфаган шаарлары.

***44-сабак.* § 37. Хорезм мамлекети (1077–1231-жж.)** *(1 саат)*

Хорезмшах династиясынын бийлигинин орношу. Хорезм мамлекетинин аймагынын кеңейиши. Каракытайларга жана моңголдорго каршы күрөштөр

***45-сабак.* § 38. Борбордук Азиянын X-XII кылымдардагы маданий өнүгүшү** *(1 саат)*

Чыгыштын ири ойчулдарыны бири Бирунинин илимий ишмердиги. Улуу ойчул Жалаладдин Руми. Аль-Хорезм, Аль-Фергани, Наршахи, Рудаки жана башкалар. Курулуш жана көркөмдөп жасалгалоо.

***46-сабак.* § 39. Моңгол империясы** *(1 саат)*

Темучиндин «Чыңгыз хан» деп жарыяланышы. Монголдордун Борбордук Азия, Орто Азия, Закавказье жана Чыгыш Европадагы басып алуулары. Моңгол империясынын тышкы жана ички саясаты (1206–1368-жж.).

***47-сабак.* Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***48-49-сабактар.* «Байыркы дүйнө» темасындагы конференция-сабак** *(1 саат)*

***50-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## IV чейрек *(16 саат)*

***51-сабак.* § 40. Франк мамлекети** *(1 саат)*

Каролингдер династиясы. Карлдын жортуулдары жана «Батыштын императору». Франк-Византия маилелери. «Ыйык Рим империясы» союзу.

***52-сабак.* § 41. Кордова эмирлиги** *(1 саат)*

Иберияның мусулмандар тарабынан каратылышы. Кордова мамлекетинин саясий тарыхы. Андалусия маданияты. Реконкиста.

***53-сабак.* § 42. Байыркы Русь** *(1 саат)*

Рустардын христиандашуусу. «Варягдардан гректерге» соода жолу. Орус княздарынын коңшу өлкөлөр менен болгон мамилеси.

***54-сабак.* § 43. Кресттүүлөрдүн жортуулдары** *(1 саат)*

XII-XV кылымдардагы христиан-мусулман каршылыгы жана кресттүүлөрдүн жортуулдары. Нураддин Занги, Салахаддин Аюби, Султан Бейбарстын эрдиктери. Кресттүү жортуулдардын натыйжалары.

***55-сабак.* § 44. «Ыйык Рим империясы» союзу XV кылымга чейин** *(1 саат)*

Европалыктардын саясий жактан биригиши. Оттондор жана гогенштауфендер. Империялык реформа.

***56-сабак.* § 45. Европада сооданын жана илимдин өнүгүшү** *(1 саат)*

Ганза союзу жана сооданын өнүгүшү. Марко Поло. Азиядагы илимий эмгектердин Европага ташылышы жана латынчага которулушу. Илим жана технологиянын өнүгүшү.

***57-сабак.* § 46. Византия империясы** *(1 саат)*

Комниндер жана ангелдер. Византиянын коңшу мамлекеттер менен мамилеси. Византия империясындагы кризис жана кулашы.

***58-сабак.* § 47. Орус княздыктары** *(1 саат)*

Киев Русунун кулашы жана княздыктардын пайда болушу. Княздыктардын өз ара мамилеси жана коңшу элдер менен болгон мамилелери.

***59-сабак.*** **§ 48. Рум султандыгы (1077–1307)** *(1 саат)*

Улуу Селжук империясынын султандыктарга бөлүнүшү. Селжуктардын кресттүүлөргө жана моңголдорго каршы күрөштөрү.

***60-сабак.*** **§ 49. Хулагу илхандыгы (1256–1335)** *(1 саат)*

**Чынгызийлердин Батыштагы басып алуулары.** Хулагулар же Илхандар мамлекети. Хулагулар доорундагы маданият.

***61-сабак.*** **§ 50. Экинчи Булгар падышалыгы (1185–1422)** *(1 саат)*

**Экинчи Булгар (Влахо же Тырнов) падышалыгынын негизделиши. Булгар-латын согуштары. Булгарлардын маданияты.**

***62-сабак.*** **§ 51. Осмон империясынын негизделиши** *(1 саат)*

**Рум султандыгынын кулашы жана Осмон бейлигинин негизделиши. Орхон гази жана анын мураскерлери. Фатих Мехмед султандын башкаруусу (1444–1481) жана Ыстамбулдун ээлениши (1453).**

***63-сабак.*** **§ 52. Географиялык ачылыштар** *(1 саат)*

Океандан соода жолдорун издөө аракеттери жана Христофор Колумбдун саякаттары. Америго Веспучи. Жер шарын биринчи айланып чыгуу: Фернандо Магеллан.

***64-сабак.*** **§ 53. Американы басып алуулар** *(1 саат)*

Испандар жана португалиялыктар Жаңы материкте. Империялык биринчи колониялардын негизделиши.

***65-сабак.*** **Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***66-67-сабактар.*** **«Тарых жана география» темасындагы семинар-сабак** *(1 саат)*

***68-сабак.*** **Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

**Түзүүчүлөр:** ***М. К. Иманкулов, К. Молдожунусов, Ө. Ж. Алымкожоев.***

## 8-класс

## Т А Р Ы Х

***(Жылына 68 саат, жумасына 2 саат)***

## I чейрек *(27 саат)*

***1-сабак.*** **Киришүү** *(1 саат)*

XI-XIX кылымдардын тарыхына киришүү. 8-класстар тарыхтан кандай сабак алышат? Кыргызстандын тарыхынан эмнелерди үйрөнөбүз? Дүйнөнүн тарыхынан эмнелерди үйрөнөбүз? Биз билишибиз керек болгон терминдер.

### I бөлүм. КЫРГЫЗСТАН XIII–XIX КЫЛЫМДАРДА

***2-сабак.*** **§ 1. Каракытайлардын мамлекети** *(1 саат)*

Каракытайлардын Жети-Суудагы мамлекетинин түзүлүшү. Элюй Даши. Гурхандардын диний саясаты. Найман урууларынын Жети-Сууга көчүп келиши.

***3-сабак.*** **§ 2. Чагатай улусунун XIII кылымдагы абалы** *(1 саат)*

Чыңгыз хандын Орто Азияны каратуусу. Чагатайдын жана Махмуд Ялавачтын башкаруусу. Эргэне хатундун бийлиги (1252–1266). Талас курултайы (1269). Масуд-бектин саясий ишмердүүлүгү (1238–1289).

***4-сабак.*** **§ 3. Чагатай улусунун өнүгүшү жана алсырашы** *(1 саат)*

Хайдунун өлүмүнөн кийинки окуялар. Кебек хандын реформалары (1318–1326). Тармаширин хандын башкаруусу (1326–1334). Кара тумоо эпидемиясынын Кыргызстанга жетиши (1338–1341). Улустун алсырашы жана экиге бөлүнүшү.

***5-сабак.*** **§ 4. Кыргыздар XIII–XIV кылымдарда** *(1 саат)*

Монголдордун түндүккө жортуулу. Кыргыздар Юань империясынын курамында. Хубилай хан тарабынын кыргыздардын жер которуусу. Алтын-Ордодогу, Чагатай улусундагы жана Юань империясындагы кыргыздардын абалы.

***6-сабак.*** **§ 5. Ойрот-кыргыз конфедерациясы** *(1 саат)*

Түндүк Юань мамлекетиндеги ойроттор менен кыргыздардын гегемониясы. 1399–1425-жылдары башкаруучулук кылган Өгөчү кашка жана Эсэху хан. Ойрот-кыргыз мамилесинин начарлашы жана кыргыздардын батышка көчүүсү.

***7-сабак.*** **§ 6. Моголстан хандыгы XIV кылымда** *(1 саат)*

Моголистан мамлекетинин түзүлүшү жана Туглук-Тимур хандын башкаруусу (1347–1362). Мамлекеттин аймагы, калкы жана тышкы саясаты. Эмирлердин күчтөнүсү жана тимурийлерге каршы көз карандысыздык согушу.

***8-сабак.*** **§ 7. Моголстандын өнүгүшү жана алсырашы** *(1 саат)*

Мухаммад хандын башкаруусу (1408–1416). Оштон чыгарылган тыйындар. Могол-ойрот мамилелери. Кыргыздардын көтөрүлүшү (XVI к. башы). Моголистан мамлекетинин экиге бөлүнүшү.

***9-сабак.*** **§ 8. Кыргызстандын XIII–XVI кк. маданияты** *(1 саат)*

Күмбөздөр жана кербен сарайлар. Таш-Рабат. Мусулманчылык жана шаманчылыктын тиреши. Чагатайча адабий тилдин калыптанышы.

***10-сабак.*** **§ 9. Кыргыздардын көчмөн мамлекетинин негизделиши** *(1 саат)*

Теңир-Тоодо көз карандысыз кыргыз мамлекетинин түзүлүшү. Мухаммед-Кыргыз – көчмөн кыргыз мамлекетинин биринчи эмири (1514–1533). Кыргыз-казак аскердик-саясий союзу. Кыргыз-Жаркент согушу.

***11-сабак.*** **§ 10. Көчмөн кыргыздардын саясий-социалдык түзүлүшү** *(1 саат)*

Кыргыз мамлекетинин эки канаттуу саясий системасы. Оң жана сол түзүлүшүнүн түндүк жана түштүк канат болуп өзгөрүшү (XVI к. орт.). Адыгине жана Тагай бий тууралуу санжыралык баяндар. Урук-уруулук жана социалдык түзүлүш.

***12-сабак.*** **§ 11. Кыргыздардын коңшу элдер менен болгон мамилеси (XVII к.)** *(1 саат)*

Кыргыз-казак союзунун Ташкенттеги көтөрүлүштөрдү колдоосу **(XVII к. башы)**. Көкүм бий, Манап бий сыяктуу кыргыз башкаруучулары. Кыргыз-Жаркент байланыштары. Кыргыз-Бухара байланыштары. Тилеке бий.

***13-сабак.*** **§ 12. Кызылсуулук кыргыздардын XVII кылымдагы абалы** *(1 саат)*

Айрым кыргыз урууларынын Чыгыш Түркстанга көчүп кетүүсү. Жуңгарларга каршы күрөш. Кыргыздар менен кожолордун мамилеси.

***14-сабак.*** **§ 13. Кыргыз-жуңгар согушунун биринчи этабы** *(1 саат)*

**XVII к. башы – XVIII к. башы** аралыгындагы кыргыз-жуңгар мамилелери. Айрым кыргыз урууларынын Бухаранын Гиссар аймагына көчүүсү. Кыргыз-казак союзунун жуңгарларга каршы күрөшү. Хан Тейиштин, Хан Кудаяндын калмактарга каршы согушу тууралуу аңыздар.

***15-сабак.*** **Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***16–17-сабактар.*** **«Санжыра» темасындагы долбоордук изилдөө сабагы** *(2 саат)*

***18-сабак.*** **Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## II чейрек *(21 саат)*

***19-сабак.*** **§ 14. Сибирлик кыргыздардын көчүрүлүп келиши** *(1 саат)*

XVII кылымдагы Сибирдеги кыргыз улустары. Жунгар хандыгынын Енисейди каратып алуусу. Сибирде Россиянын үстөмдүгүнүн орношу. XVIII кылымдын башында кыргыздардын Сибирден көчүрүлүшү.

***20-сабак.*** **§ 15. Кыргыз-жуңгар согушунун экинчи этабы (XVIII к. 20–50-жж.)** *(1 саат)*

XVIII кылымдын башында айрым кыргыз урууларынын түштүк-батышка сүрүлүшү. Ысык-Көлдө калып калган кыргыздар. Кокон-кыргыз союзу. Кыргызстандын түндүгүн бошоту үчүн ата-мекендик согуш жана кыргыз баатырлары (1742–1756).

***21-сабак.*** **§ 16. Кыргызстан XVIII кылымдын экинчи жарымында** *(1 саат)*

Маматкул бий жана Ажы бий – чыгыш жана батыш канаттын башчылары. Алгачкы кыргыз-цин байланыштары (XVIII к. 50-60-жж.). Кыргыз-Кокон жана кыргыз-уйгур мамилелери (Ажы

бий, Кубат бий). Кыргыз-казак мамилелери (Хан Садыр, Эсенгул бий). Алгачкы кыргыз-орус байланыштары (Атаке бий).

***22-сабак.*** **§ 17. Кыргыздардын Шинжаңдагы кожолорду колдоосу** *(1 саат)*

Кыргыздардын 1814–1830-жылдардагы Чыгыш Түркстандагы көтөрүлүштөргө тийгизген таасири. Тайлак баатырдын саясий ишмердүүлүгү. Кокон-кыргыз союзу жана Кыргызстанда чептердин курулушу.

***23-сабак.*** **§ 18. Кокон хандыгынын 1832–1842-жылдардагы үстөмдүгү** *(1 саат)*

Кокон хандыгынын Кыргызстанды каратуусу (1820–1832). чептердин көбөйүшү. Кокон хандыгына каршы көтөрүлүштөр. Кокон хандыгынын бухаралыктар тарабынан жоюлушу.

***24-сабак.*** **§ 19. Көчмөн кыргыз мамлекетинин алсыроо мезгили жана жоюлушу** *(1 саат)*

Ормон хандын Кыргыз мамлекетин калыптандыруу аракети (1842–1855). Манаптык башкаруу системасынын калыптануусу. Кыргызстанды Россия империясынын карата баштоосу жана Ормон хандын өлүмү (1855). Үмөтаалы манаптын орустарга каршы күрөшү.

***25-сабак.*** **§ 20. Кокон хандыгынын алсыроо мезгили** *(1 саат)*

Нүзүп бийдин Кокон хандыгын калыбына келтириши жана бийликке таасир этиши (1842–1844). Мусулманкул миңбашынын башкаруусу (1844–1852). Кудаяр хан менен Мала бектин күрөшү. Алымбек датка жана кыргыздардын кайрадан Кокон хандыгына кошулуусу.

***26-сабак.*** **§ 21. Алымкул аталыктын башкаруучулугу (1863–1865)** *(1 саат)*

Алымкул лашкербашынын саясий ишмердүүлүгү. Кыргызстандын түндүгүн орустардан бошотуу аракети. Үмөтаалы менен Осмон даткага колдоо көрсөтүүсү. Алымкулдун Британия, Француз жана Осмон иpermiясы менен байланыштары. Цин империясына каршы көтөрүлүшкө аскер жиберүүсү. Ташкент шаарын алдыруу жана Алымкулдун өлүмү.

***27-сабак.*** **§ 22. Кокон хандыгындагы саясий кризис (1866–1876)** *(1 саат)*

Кудаяр хандын үчүнчү жолку башкаруусу. Кыргыздардын көтөрүлүштөрү. Полот хандын мамлекет үчүн күрөшү. Кокон хандыгынын жоюлушу.

***28-сабак.*** **§ 23. Курманжан датканын ээлиги** *(1 саат)*

Абдылдабектин эркиндик үчүн күрөшү. Алайлык кыргыздардын Россия империясына каратылышы. Курманжан датка. Фергана облусунун түзүлүшү.

***29-сабак.*** **§ 24. Кыргызстандын XIX кылымга чейинки чарбасы жана материалдык маданияты** *(1 саат)*

Мал чарбасынын өнүгүшү жана жайыт которуу системасы. Дыйканчылык өсүмдүктөрү. Кол өнөрчүлүк жана көркөм өнөрдүн өнүгүшү. Салттуу кийим-кечеги. Элдик ашкана.

***30-сабак.*** **§ 25. Кыргыздардын руханий маданияты** *(1 саат)*

Элдик ырым-жырымдар жана салттар. Элдик билимдер. Элдик спорттук мелдештер. Элдик оозеки чыгармачылык.

***31-сабак.*** **Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***32-сабак.*** **Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## III чейрек *(27 саат)*

### II бөлүм. ДҮЙНӨНҮН ТАРЫХЫ (XV–XIX кк.)

***33-сабак.* § 26. Осмон империясынын өнүккөн мезгили** *(1 саат)*

**Султан Сулаймандын башкаруусу (1520–1560).** Осмон империясынын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү.

***34-сабак.* § 27. Тимур жана Тимурийлер мамлекети (1370–1506-жж.)** *(1 саат)*

Тимур, Темирлан – Турандын амири, улуу империянын негиздөөчүсү. Тимурийлердин башка мамлекеттер менен мамилеси. Чарбалык жана маданий жашоо. Илим жана маданияттын өнүгүшү.

***35-сабак.* § 28. Иран XVI–XIX кылымдарда** *(1 саат)*

Аккоюнлу жана каракоюнлулар. Кызылбаштар негиздеген Сефевийлер мамлекети (1501–1722). Афшарий империясы (1736–1796). Кажар мамлекети (1789–1925). Фарсы маданияты.

***36-сабак.* § 29. Мин империясы (1368–1644)** *(1 саат)*

Моңголдорго каршы көтөрүлүш жана Мин мамлекетинин негизделиши. Тышкы саясат жана флоттун курулушу. Кытайдын ойроттор жана жапондор менен болгон мамилеси. Европа менен соода кызматташтыгы. Мин доорундагы маданият.

***37-сабак.* § 30. Жапония XII–XVI кылымдарда** *(1 саат)*

Самурайлык башкаруу. Сёгундук. Камакура доору (1185–1333). Муромати доору (1336–1573). Самурайлык доордогу маданият.

***38-сабак.* § 31. Орто Азиядагы хандыктар** *(1 саат)*

Тимурийлерден кийинки пайда болгон Бухара хандыгы. Хива хандыгы. Бухара эмирлиги. Орто Азиянын XV–XIX кылымдардагы материалдык жана руханий маданияты.

***39-сабак.* § 32. Казак хандыгы** *(1 саат)*

Абулхаирдин мамлекети. Казак хандыгы – Алтын-Ордонун мураскери. Россия империясынын Казакстанды жана Орто Азияны каратуусу.

***40-сабак.* § 33. Улуу Моголдор империясы (1526–1857)** *(1 саат)*

Бабурдун Индияга жасаган жортуулдары жана Улуу Моголдор мамлекетинин негизделиши. Акбардын башкаруу мезгилиндеги Улуу Моголдор империясынын «алтын доору». Маданият, адабият жана архитектуранын өнүгүшү. Индостандагы цивлизация.

***41-сабак.* § 34. Цин империясы (1644–1912)** *(1 саат)*

Манжуулардын жортуулдары жана Цин империясынын негизделиши. Кансинин башкаруусу (1662–1722). Цянлундун башкаруусу (1735–1796). Апийим согуштары (1840–1860). Мамлекеттин алсырашы.

***42-сабак.* § 35. Жапония XVII–XIX кылымдарда** *(1 саат)*

Жапониянын биригиши. Момояма маданияты. Эдо мезгили (1603–1868). Мэйдзи жаңылануусу. Жапон империясы (1870–1905).

***43-сабак.* § 36. Чосон мамлекети (1392–1897)** *(1 саат)*

Кореядагы Чосон мамлекетинин негизделиши. Жапондорго жана кытайларга каршы күрөш. Корей-цин мамилелери. Корей маданияты.

***44-сабак.* § 37. Осмон империясынын алсыроо мезгили** *(1 саат)*

Модернизациялык реформалар. Орус-осмон согуштары. Осмон империясынын курамына кирген элдердин улуттук-боштондук кыймылдары. Армян маселеси. II Абдулхамиддин башкаруусу (1876–1909).

***45-сабак.* § 38. Түндүк Африка жана Батыш Азия** *(1 саат)*

Эфиопиядагы Загве династиясы. Зирийлер (972–1148) Аюбийлердин үстөмдүгү. Мамлүк султандыгы (1250–1517). Осмон империясындагы Мисир эялети.

***46-сабак.* § 39. Африкадагы мамлекеттер** *(1 саат)*

Чыгыш Африкадагы элдер жана мамлекеттер. Батыш Африкадагы элдер жана мамлекеттер. Мали империясы. Борбордук Африкадагы элдер жана мамлекеттер. Түштүк Африкадагы элдер жана мамлекеттер.

***47-сабак.* Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***48–49-сабактар.* «Мамлекет» темасындагы семинар-сабак.** *(2 саат)*

***50-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## IV чейрек *(27 саат)*

***51-сабак.* § 40. Реформация** *(1 саат)*

Католик чиркөөсүн реформалоо аракеттери жана протестантизмдин пайда болушу (XVI к.). Мартин Лютер. Европада протестантизмдин жайылышы жана диний согуштар.

***52-сабак.* § 41. Европадагы XVII–XVIII кылымдардагы ири согуштар** *(1 саат)*

Отуз жылдык согуш (1618-48). Англиянын монархиядан республикага өтүшү (1639–1660). Жети жылдык согуш (1756–1763).

***53-сабак.* § 42. Европадагы «Реннесанс» маданияты (XIV-XVII)** *(1 саат)*

Византиялыктардын Европага качуусу. Гуманизм жана антропоцентризм идеяларынын пайда болушу. Италиядагы өзгөрүүлөр жана анын Европага жайылышы. Илимдин жана философиянын өнүгүшү.

***54-сабак.* § 43. Өнөр жай революциясы** *(1 саат)*

Европадагы агрардык коомдон индустриялык коомго өтүү. Жаңы мезгилдеги техникалык прогресс. Текстилдик өнөр жайдын өнүгүшү. Буу кыймылдаткычынын пайда болушу (1775). Металлургиянын өнүгүшү.

***55-сабак.* § 44. АКШ** *(1 саат)*

Көз карандысыздык үчүн согуш жана Америка Кошмо Штаттарынын түзүлүшү. АКШнын аймагынын кеңейиши. АКШдагы граждандык согуш. Реконструкция доору. «Алтын түстүү кылымдагы» өнүгүү (1872–1900).

***56-сабак.* § 45. Түштүк Америкадагы мамлекеттер** *(1 саат)*

Түштүк Американын колониялашуусу. Көз карандысыздык үчүн согуштар (1808–1826). Жаңы мамлекеттердин жарыяланышы.

***57-сабак.* § 46. Европадагы «узак XIX кылым»** *(1 саат)*

Улуу француз революциясы. Вена конгресси (1814–1815) жана андан кийинки Европанын абалы. Марксизимдин пайда болушу. Осмон империясынан бөлүнүп чыккан европалык элдер.

***58-сабак.* § 47. Британ империясынын колониалдык согуштары** *(1 саат)*

Британ империясынын колониядары. Англис-ооган согуштары. Англис-бур согушу.

***59-сабак.* § 48. «Чоң оюн»** *(1 саат)*

Борбордук Азия үчүн Британ жана Россия империясынын атаандаштыгы. «Чоң оюн» термини жөнүндө. Ооган кризиси.

***60-сабак.* § 49. Россия империясы** *(1 саат)*

Россия империясынын түзүлүшү жана чек арасынын кеңейиши. Петр I. Социалдык-экономикалык өнүгүү. Маданияты жана илим-билимдин өнүгүшү. Бухара эмираты жана Хива хандыгынын падышалык Россиянын вассалына айланышы.

***61-сабак.* § 50. Түркстан генерал-губернаторлугу** *(1 саат)*

Россиянын Орто Азияны басып алуусу жана Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү. Административдик-колониялык башкаруу жана болуштук системанын кириши. Орус администрациясы жана жергиликтүү калк.

***62-сабак.* § 51. Түркстанга келгиндердин жайгашуусу** *(1 саат)*

Орус элин крайга көчүрүү саясаты. Жергиликтүү калкты айдоого жарактуу жерлеринен сүрүп чыгуу. Немистер. Кытайдагы дунган жана уйгурлардын Жетисууга көчүп келүүсү.

***63-сабак.* § 52. Капитализмдин тарыхы** *(1 саат)*

Капитализмдин аныктамасы. Коммерциялык революция жана капиталдын топтолушу (XIII-XVIII кк.). Өнөр жай революциясы. XX кылымдагы капиталисттик өлкөлөр. Азыркы капитализм жана посткапитализм.

***64-сабак.* § 53. Технологиялык революция** *(1 саат)*

Экинчи өндүрүш революциясы. Жаңы индустриялар. Энергетиканын жана нефтилик өнөр жайдын өнүгүшү. Машинелик доор жана кол эмгегинин ордуна механикалашкан өндүрүштүн пайда болушу.

***65-сабак.* Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***66–67-сабактар.* «XIX кылым» темасындагы конференция-сабак.** *(2 саат)*

***68-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

**Түзүүчүлөр:** ***М. К. Иманкулов, К. Молдожунусов, Ө. Ж. Алымкожоев.***

## 9-класс

## Т А Р Ы Х

***(Жылына 68 саат, жумасына 2 саат)***

## I чейрек *(27 саат)*

***1-сабак.* Киришүү** *(1 саат)*

Тарых илими жана тарых сабагы. 9-класста дүйнөлүк тарыхтан жана Кыргызстандын тарыхынан эмнелерди үйрөнбүз? Соңку тарыхты үйрөнүүдө билишибиз керек болгон терминдер.

### II бөлүм. КЫРГЫЗСТАНДЫН XX КЫЛЫМДАГЫ ТАРЫХЫ

***2-сабак.* § 1. Кыргызстандын XX к. башындагы экономикалык абалы** *(1 саат)*

Түркстандын экономикасындагы жаңы көрүнүштөр. Кыргызстандын аймагында өнөр жай ишканаларынын ачылышы. Кыргыздардын көчмөн турмуштан отурукташууга өтө башташы. Кыргыздарда капиталисттик мамилелердин пайда болушу.

***3-сабак.* § 2. Кыргызстанда жадидчиликтин жайылышы** *(1 саат)*

Татар агартуучуларынын Кыргызстандагы ишмердүүлүгү. Караколдогу жана Токмоктогу татар мектептери. Кыргыз ажылары жана манаптардын мектеп ачуулары. Молдолор – билимдүү кыргыз агартуучулары.

***4-сабак.* § 3. XX к. башындагы кыргыз элинин жазма маданияты** *(1 саат)*

Жазма маданияттын өнүгүшү. Жазгыч акындар жана алардын эмгектери. Тарыхчылар жана санжырачылар. Сакталып калган кол жазмалар.

***5-сабак.* § 4. Биринчи дүйнөлүк согуш жана Түркстандагы боштондук кыймылы** *(1 саат)*

Жергиликтүү элди оорук жумуштарына тартуу боюнча падышачылыктын саясаты. 1916-ж. кыймылдын улуттук-боштондук мүнөзү жана себептери. Казакстандагы жана Өзбекстандагы кыймылдын лидерлери

***6-сабак.* § 5. Кыргызстандагы улуттук-боштондук көтөрүлүш (1916-ж.)** *(1 саат)*

Көтөрүлүштүн башталышы, жүрүшү жана мүнөзү. Көтөрүлүштүн жетекчилери. Падышачылыктын көтөрүлүшчүлөрдүн чарбасын кыйратуусу жана аларга каршы ырайымсыз жазалоолору. Үркүн — кыргыз элинин улуттук кайгы-муңу. Кытайдагы качкын кыргыздардын тагдыры.

***7-сабак.* § 6. Түркстандагы жаңы автономиялар** *(1 саат)*

Түркстандагы 1917-ж. февраль революциясы. Коомдук-саясий турмуштагы өзгөрүүлөр. Улуттук партиялар. Түркстан (Кокон) автономиясы жана РКФСРдин курамындагы Түркстан АКСРи. «Алаш» казак автономиясы. Төрөкул Жанузаковдун «Кыргыз автономиясын» куруу идеясы.

***8-сабак.* § 7. Россиядагы жарандык согуш жана кеңеш бийлигинин орношу** *(1 саат)*

В.И.Ленин. Жарандык согуш. Кыргызстандын аймагындагы келгин дыйкандардын антисоветтик козголоңдору. Жети-Суу фронтунун түзүлүшү жана Кызыл армия. Кыргызстанда кеңеш бийлигинин орношу.

***9-сабак.* § 8. Корбашылардын көтөрүлүшү** *(1 саат)*

Ферганадагы боштондук кыймылынын «басмачылык» деп аталышы. Кыргызстандан чыккан корбашылар. Көтөрүлүштүн басылышы жана көтөрүлүш жетекчилеринин көчүп кетиши.

***10-сабак.* § 9. Орто Азияны улуттук мамлекеттерге бөлүштүрүү** *(1 саат)*

Түркстанды улуттук административдик аймактарга бөлүү саясаты жана жергиликтештирүү кампаниясы. Өзбек КСРи жана Түркмөн КСРинин түзүлүшү. Кыргыз Тоолуу облусун түзүү аракеттери. Абдыкерим Сыдыков, Эшенаалы Арабаев жана Жусуп Абдрахманов. Кыргыз АКСРинин Казак АКСРи болуп өзгөрүшү.

***11-сабак.* § 10. Кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы** *(1 саат)*

Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлүшү (1924). Иманаалы Айдарбеков – убактылуу өкмөттүн жетекчиси. Кыргызстандык мамлекеттик органдарынын калыптанышы жана өлкөнүн райондорго бөлүнүшү. Бишкектин борборго айланышы.

***12-сабак.* § 11. Кыргыз АКСРи (1926–1936)** *(1 саат)*

Кыргыз Автоном (Эрктүү) Кеңештик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү. Абдыкадыр Орозбеков – мыйзам чыгаруу бийлигинин биринчи төрагасы. Жусуп Абдрахманов жана Баялы Исакеевдин өкмөт башчылыгы. Казакстандагы ачарчылыкка Кыргызстандын жардамы.

***13-сабак.* § 12. Кыргыз КСРи 1936–1950-жылдарда** *(1 саат)*

Репрессия жылдары (1937–1938). Төрөбай Кулатовдун өкмөт башчылыгы (1938–1945). Согуш жылдарындагы экономикалык, социалдык жана маданий абал. Исхак Раззаковдун өкмөт башчылык мезгили (1946–1950).

***14-сабак.* § 13. Кыргызстан 1950–1961-жылдарда** *(1 саат)*

Исхак Раззаков – кыргыздардан дайындалган биринчи мамлекет башчысы. Абды Сүйөркуловдун өкмөт башчылыгы (1950–1958). Илим жана билим берүү тармагындагы жаңылыктар. Казы Дыйкамбаевдин өкмөт башчылыгы (1958–1961).

***15-сабак.* § 14. Кыргызстан 1961–1985-жылдарда** *(1 саат)*

Турдакун Усубалиевдин бийликке келиши. Болот Мамбетовдун өкмөт башчылыгы (1961–1968). ГЭСтердин жана үйлөрдүн курулушу. Акматбек Сүйүмбаевдин өкмөт башчылыгы (1968–1978). Султан Ибраимовдун өкмөт башчылыгы (1978–1980). Арстанбек Дүйшеевдин өкмөт башчылыгы (1981–1986).

***16-сабак.* § 15. Кыргызстан 1985–1991-жылдарда** *(1 саат)*

Абсамат Маслиевдин бийликке келиши жана Кыргызстандагы «кайра куруулар». Апас Жумагуловдун өкмөт башчылыгы (1986–1991). Кеңештер Союзунун таркашы жана Кыргыз Республикасынын бөлүнүп чыгышы.

***17-сабак.* Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***18-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## II чейрек *(21 саат)*

### II бөлүм. КЫРГЫЗСТАН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА *(15 саат)*

***19-сабак.*** **§ 16. КР эгемендүүлүк алгандан кийинки алгачкы он жылдык (1991–2001)** *(1 саат)*

Кыргызстандын эл аралык уюмдарга кабыл алынышы жана чет өлкөлөр тарабынан таанылышы. Конституциянын кабыл алынышы (1993). «Легендарлуу парламенттин» таркатылышы жана 1995-жылдагы шайлоо. «Манас» эпосунун 1000 жылдык жана Ош шаарынын 3000 жылдык мааракеси.

***20-сабак.*** **§ 17. Кыргызстандагы экономикалык кризис (1990–2001)** *(1 саат)*

Менчиктештирүү саясаты жана калктын чарбалык каталары. Жеке ишкердиктин пайда болушу. Деиндустриализация жана ИДПнын төмөндөшү. Кризис менен күрөшүү аракеттери жана сомдун кабыл алынышы. Кумтөр алтын кенине байланыштуу чыр-чатак.

***21-сабак.*** **§ 18. Биринчи Баткен окуясы (1999-жыл)** *(1 саат)*

Кыргызстандын аймагына экстремисттик топтун кол салуусу. Окуянын жүрүшү жана Кыргызстандын жоготуулары. Эрдик көрсөткөн кыргыз жоокерлери. Баткен облусунун түзүлүшү.

***22-сабак.*** **§ 19. Кыргызстандагы саясий кризис (2002–2010)** *(1 саат)*

Аксы окуясы (2002). 2005-жылдагы революция (24-март) жана К. Бакиевдин президент болуп шайланышы. 2009-жылдагы шайлоо жана 2010-жылдагы революция (7-апрель). Убактылуу өкмөт жана түштүктөгү окуя (2010).

***23-сабак.*** **§ 20. 2011–2021-жылдар аралыгындагы саясий окуялар** *(1 саат)*

А. Атамбаевдин президенттик башкаруусу (2011–2017). «Манас» авибазасына байланыштуу жаңжал (2001–2014). Кыргызстандын Евразия Экономикалык Биримдигине кошулушу (2015). С. Жээнбековдун башкаруусу (2017–2020). Кыргызстан пандемиянын убагында жана оорудан өлгөн атактуулар. 2020-жылдагы революция жана С. Жапаровдун премьер-министр кызматына келиши.

***24-сабак.*** **§ 21. Экинчи Баткен окуясы (2021-жыл)** *(1 саат)*

Кыргыз-тажик чегарасындагы куралдуу кагылыш (2021-жыл). Эвакуация чаралары жана элдин кайрымдуулук акциялары. Окуянын жүрүшү жана Кыргызстандын жоготуулары. Эрдик көрсөткөн кыргыз жоокерлери.

***25-сабак.*** **§ 22. Кыргызстандын экономикасынын жөнгө салынышы** *(1 саат)*

Кыргызстандын 2000–2020-жылдардагы экономикасы. Калктын базар экономикасына көнүшү жана бизнестин өнүгө башташы. Өнөр жай тармагы, энергетика жана тейлөө кызматтары. Импорт жана экспорт. Айыл чарбасы. Мигранттардын салымы.

***26-сабак.*** **§ 23. Кыргызстанда жашаган элдердин Мекенге болгон кызматы** *(1 саат)*

«Кыргыз жараны» концепциясы. Кыргыз тилинде ырдоого, сүйлөөгө чакырган орус активисттери. Кыргызстандык мусулмандардын достугу (өзбектер, уйгурлар, дунгандар, тажиктер). Улуттар ортосундагы кудалашуулар, баш кошуулар.

***27-сабак.*** **§ 24. Кыргызстандагы диний абал** *(1 саат)*

Кыргызстандагы башка диний конфессиялар. Кыргызстагы мусулманчылыкты карманган элдер жана КМДБ (Муфтият) уюму. Мамлекеттин диний саясаты жана ичкилик, рекетчилик менен

күрөшүүдө диндин салымы. Диний жогорку билим алуунун өнүгүшү жана ажылык сапарынын уюштурулушу. Ислам дининин агымдары жана Кыргызстандагы исламофобиялык көрүнүштөр.

***28-сабак.* § 25. Эгемендүү Кыргызстандын маданияты** *(1 саат)*

90-жылдардагы эстрада ырчылары. Телеканалдар жана улуттук маданиятты сактоо чаралары. Төкмөчүлүк өнөр жана «Айтыш» фонду. Манасчылык жана «Манас» театры. Шоу-бизнес жана блогерлик. Чет өлкөлүк маданияттардын интернет аркылуу таасири. Акыркы адабий чыгармалар. Кино өндүрүшү.

***29-сабак.* § 26. Кыргызстанда спорт тармагынын өнүгүшү** *(1 саат)*

Кыргызстанда өнүккөн спорт тармактары. Олимпиадалык оюндардагы жеңиштер. Күрөш тармагы жана атактуу балбандар. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары. Көкбөрү оюну.

***30-сабак.* § 27. Билим берүүнүн жана илимдин өнүгүшү** *(1 саат)*

Билим берүү системасындагы өзгөрүүлөр. Жогорку жана орто окуу жайлары. Билими менен чет өлөклөрдү багындырган жаштар. Кыргыз илимпоздорунун ачылыштары. Билим берүү жана илим тармагындагы реформалар.

***31-сабак.* «Мекенчилдик» темасындагы семинар-сабак** *(1 саат)*

***32-сабак.* Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## III чейрек *(27 саат)*

### III бөлүм. ДҮЙНӨНҮН СОҢКУ ТАРЫХЫ

***33-сабак.* § 28. Кеңештик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлүшү** *(1 саат)*

1917-жылдагы революциялар жана Россиядагы жарандык согуш (1918–1923). КСРСтин (СССР) негизделиши. Жаңы экономикалык саясат (1921–1928) жана улуттарды бөлүү. Бешжылдык пландар, индустриялаштыруу жана колхоздоштуруу.

***34-сабак.* § 29. КСРС 30-жылдарда** *(1 саат)*

Маданий революция, билим берүү саясаты жана пропаганда. Ачарчылык, кулакка тартуу жана ТЭЛББ (ГУЛАГ). Чоң террор жана сталиндик репрессиялар. Элдерди депортациялоо. Шинжаңдагы интервенция (30-жж.).

***35-сабак.* § 30. КСРС 1941–1953-жылдарда** *(1 саат)*

Кеңештер Союзу Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында (1941–1945). Согуштун 3 этабы жана согуштун жыйынтыгы. Ачарчылык жана 1947-жылдагы акча реформасы. Согуштан кийинки сталинизм.

***36-сабак.* § 31. КСРС «Хрущевдук жылымык» мезгилинде (1953–1964)** *(1 саат)*

Н.Хрущевдун бийликке келиши. Десталинизация жана туткундарды бошотуу. Курулуштун өнүгүшү. Жүгөрү кампаниясы. Акча реформасы (1960–1961). Антидиний кампания.

***37-сабак.* § 32. КСРС «Солгундоо мезгилинде» (1964–1985).** *(1 саат)*

Л.Брежневдин бийликке келиши жана «өнүккөн социализм» саясаты. Экономикадагы стагнация, товардык дефицит жана «Газ түтүктөр» келишими. Ички жана тышкы саясат. Аркечтик жана антиалкаголдук кампания. Ю.Андроповдун (1982–1984) жана К.Черненконун башкаруусу (1984–1985).

***38-сабак.* § 33. КСРС «Кайра куруу» жылдарында (1985–1991).** *(1 саат)*

М.Горбачевдун бийликке келиши жана «Кайра куруу» саясаты. Кайра куруунун 1-этабы, 2-этабы жана 3-этабы. Ички саясат, көтөрүлүштөр жана чыр-чатактар. Экономикалык кризис (1989–1991), КСРСтин таркашы.

***39-сабак.* § 34. Жапониянын соңку тарыхы** *(1 саат)*

Жапондордун Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштагы орду. Жапон экономикалык керемети. Текке кеткен отуз жылдык. Абэномика.

***40-сабак.* § 35. Кытай** *(1 саат)*

Кытайдагы милитаристтердин мезгили жана Кытайдын биригиши (1916–1928). Кытай Эл Республикасынын жарыяланышы (1949). Экономикадагы беш жылдыктар жана «Чоң секирик» (1958–1960). Маданий революция (1966–1976). Атайын экономикалык зоналар жана фонддук биржалар. «Батышка барабыз» планы.

***41-сабак.* § 36. «Азиялык төрт жолборстун» өнүгүшү** *(1 саат)*

Түштүк Кореянын өнүгүү тарыхы жана Ханган дарыясындагы керемет. Сингапурдун өнүгүү тарыхы жана Ли Куан Ю. Гонконг 1997-жылга чейин. Тайвандын өнүгүү тарыхы.

***42-сабак.* § 37. Түркия** *(1 саат)*

Түркия Жумуриятынын негизделиши. Согуш жылдарындагы Түркия. Аскердик төңкөрүштөр. Түркиядагы экономикалык өсүш.

***43-сабак.* § 38. Иран** *(1 саат)*

Шахиншах Иран мамлекети жана өлкөнүн индустриялашуусу (1925–1979). Иран кризиси жана нефтинин улатташтырылуусу. Ак революция жана Ислам революциясы. Иран Ислам Республикасынын экономикасы. Бушер атомдук электростанциясы жана ядерлик программа.

***44-сабак.* § 39. Индия** *(1 саат)*

Улуттук-боштондук кыймыл жана Махамтма Ганди. Индия менен Пакистандын бөлүнүшү (1947). Ядерлик клубга мүчө болушу (1974). 1991-жылдагы реформадан кийинки экономикалык өнүгүү.

***45-сабак.* § 40. Пакистан** *(1 саат)*

Пакистан мамлекетинин негизделиши (1947). Аскердик төңкөрүштөр. Улутташтыруу саясаты жана агрардык реформа (70-жж.).

***46-сабак.* § 41. Сауд Арабиясы** *(1 саат)*

Үчүнчү Сауд мамлекетинин негизделиши (XX к. башы). Нефти индустриясынын өнүгүшү. Фейсалдын башкаруусу (1964–1975). 2016-жылдагы экономикалык план.

***47-сабак.* § 42. Экинчи толкундагы азиялык жолборстор** *(1 саат)*

Индонезиянын өнүгүү тарыхы. Малайзиянын өнүгүү тарыхы. Филиппиндер. Таиланддын өнүгүү тарыхы. Вьетнамдын жана Бангладештин өнүгүшү.

***48-сабак.* § 43. Африкадагы өнүгүп жаткан өлкөлөр** *(1 саат)*

Египеттин экономикалык өнүгүүсү. Нигериянын өнүгүү тарыхы. Түштүк-Африка Республикасы. Африка биримдиги.

***49-сабак.*** **Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***50-сабак.*** **Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

## IV чейрек *(27 саат)*

***51-сабак.*** **§ 44. Биринчи дүйнөлүк согуш жана фашизмдин пайда болушу** *(1 саат)*

Согуштун себептери, союздаштар жана каршылаштар. Согуштун жүрүшү жана жоготуулар. Улуттар Лигасынын түзүлүшү. Европада фашизм идеологиясынын пайда болушу.

***52-сабак.*** **§ 45. Экинчи дүйнөлүк согуш (1939–1945)** *(1 саат)*

Экинчи дүйнөлүк согуштагы союздаштар жана каршылаштар. Согуштун жүрүшү жана кесепеттери. БУУнун түзүлүшү.

***53-сабак.*** **§ 46. Кансыз согуш (1946–1991)** *(1 саат)*

Капиалисттик жана социалисттик өлкөлөрдүн тирешинин себептери. Космополитизмге каршы күрөш жана маккартизм. Эл аралык чыңалууну жеңилдетүү аракеттери. Кансыз согуштун токтошу.

***54-сабак.*** **§ 47. Космостук жарыш (1957–1988)** *(1 саат)*

Астрономия илиминин жанан космонавтиканын өнүгүү тарыхы. Циолковскийдин формуласы. Советтик, германиялык жана америкалык ракеталар. Жасалма спутниктер жана адамдардын космоско учуусу. Планеталардын изилдениши. Жарыштан кийинки космосту өздөштүрүүнүн уланышы.

***55-сабак.*** **§ 48. Ядерлик жарыш** *(1 саат)*

Экинчи дүйнөлүк согушта ядерлик бомбанын колдонулушу. Советтик атомдук бомбанын жасалып чыгышы (1949). «Ойго келбес» операциясы. Чыңалуунун жеңилдетүү аракеттери жана «Жылдыздуу согуштар».

***56-сабак.*** **§ 49. Маалыматтык доор** *(1 саат)*

Салттуу индустриядан компьютердик индустрияга өтүү. Компьютердик революция. Үчүнчү өндүрүш революциясы же санариптик революция (XIX к. 80-жж. – XX к. башы). Төртүнчү маалыматтык революция (70-жж.). Маалыматтык технологиялар.

***57-сабак.*** **§ 50. Дүйнөлүк экономикалык кризис (2008–2013)** *(1 саат)*

АКШдагы каржылык кризис. Эл аралык сооданын кыскарышы. Инфляциянын өсүшү. Жумушсуздуктун күчөшү. Кризистин кесепеттери.

***58-сабак.*** **§ 51. Азыркы дүйнө жана келечек** *(1 саат)*

Төртүнчү өндүрүш революциясы жана «4.0» концепциясы. Жаңы технологиялар. Глобалдашуу жана глобалдык коом. Глобалдык ысуу, анын себептери жана кесепеттери. Глобалдык ысууну алдын алуу аракеттери.

***59-сабак.*** **§ 52. АКШ** *(1 саат)*

АКШдагы экономикалык депрессия (1929–1939). АКШ согуш жылдарында. Франчайзинг. Рейганомика (1981–1989). Кореядагы, Вьетнамдагы, Ооганстандагы жана Батыш Азиядагы согуштарда АКШнын орду.

***60-сабак.*** **§ 53. Америкадагы жакында өнүккөн өлкөлөр** *(1 саат)*

Аргентинанын өнүгүү тарыхы. Бразилиянын өнүгүү тарыхы. Мексиканын өнүгүү тарыхы. Чили.

***61-сабак.*** **§ 54. Европа биримдиги** *(1 саат)*

Европанын биригүү мезгили (1945–1959). Европа биримдигинин кеңейиши жана экономикалык өнүгүшү. Европарламент (1979) жана Шенген келишими (1985). Евро валютасынын киргизилиши (1999). Биримдикке кийин кирген жана чыккан өлкөлөр.

***62-сабак.*** **§ 55. Франция** *(1 саат)*

Экинчи дүйнөлүк согушка чейинки Франция. Төртүнчү республика (1946–1958) жана Алжир кризиси. Бешинчи Француз республикасынын жарыяланышы. Даңктуу отуз жылдык (1946–1975). Улутташтыруу саясаты.

***63-сабак.*** **§ 56. Германия** *(1 саат)*

Согуштан кийинки Германия. ГФР жана ГДР. Герман экономикалык кереметі. Германиянын биригиши жана улутташтыруу саясаты (1989). Азыркы Германиянын өнүгүшү.

***64-сабак.*** **§ 57. Улуубритания** *(1 саат)*

Экинчи дүйнөлүк согушка чейинки Улуубритания. Ядерлик клубдун мүчөсү. 1984-жылдан кийинки экономикалык өнүгүү. «Кара шаршемби» (1992). Европалык биримдик жана Улуубритания.

***65-сабак.*** **§ 58. Россия Федерациясы** *(1 саат)*

СССРдин таркашы жана РФтин негизделиши. Чечен согуштары, Грузиядагы жана Украинадагы согуш. Экономикалык өсүш. Россиянын Евразиялык экономикалык биримдиктеги орду.

***66-сабак.*** **Кайталоо сабагы** *(1 саат)*

***67-сабак.*** **«Бир өлкөнүн өнүгүү тарыхы » темасындагы долбоордук изилдөө сабагы** *(1 саат)*

***68-сабак.*** **Жыйынтыктап тестирлөө** *(1 саат)*

**Түзүүчүлөр:** ***М. К. Иманкулов, К. Молдожунусов, Ө. Ж. Алымкожоев.***

# ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

## Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин текшерүүнүн жана баалоонун түрлөрү жана критерийлери

Тарых предмети боюнча окуучулардын жетишүүлөрүн текшерүү жана баалоо окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат.

***3-таблица.*** **Текшерүүнүн жана баалоонун түрлөрү**

| | |
|---|---|
| **1. Оозеки суроо** | - Сабакта жеке суроолорго жооп берүү.<br>- Фронталдык суроолорду берүү (ордунан жооп берүү).<br>- Жыйынтыктоочу сабактагы оозеки жооптор.<br>- Дискуссияларга жана дебаттарга катышуу.<br>- Рефератты, баяндаманы жана билдирүүнү коргоо. |
| **2. Жазуу түрүндөгү текшерүү** | - Тесттер (тематикалык, чейректик, жыйынтыктоочу).<br>- Тарыхый жат жазуулар (даталар, терминдер, түшүнүктөр).<br>- Тарыхый булактар менен иштөө (талдоо, суроолорго жооп берүү).<br>- Таблицаларды жана диаграммаларды толтуруу.<br>- Тарыхый темада дилбаян, очерк жана эссе жазуу.<br>- Контур карталар менен иштөө. |
| **3. Практикалык ишмердүүлүк** | - Тарыхый карталар боюнча тапшырмаларды аткаруу.<br>- Презентацияларды түзүү.<br>- Ролдук оюндарга катышуу жана тарыхый окуяларды моделдөө.<br>- Долбоордук ишмердүүлүк (жеке же топтук). |
| **4. Өз алдынча иштер** | - Баяндамаларды жана билдирүүлөрдү даярдоо.<br>- Хронологиялык таблицаларды түзүү.<br>- Кошумча адабияттарды жана Интернет ресурстарды талдоо. |

***4-таблица.*** **Баалоо критерийлери (текшерүүнүн түрүнө жана окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрүшү мүмкүн)**

| | |
|---|---|
| **1. Фактылык материалдарды түшүнүү жана билүү** | - Негизги даталарды, окуяларды жана инсандарды билүү.<br>- Тарыхый терминдерди жана түшүнүктөрдү түшүнүү жана билүү.<br>- Себептик-натыйжалык байланыштарды түшүнүү. |
| **2. Маалымат менен иштөө жөндөмдүүлүгү** | - Тарыхый булактарды талдай билүү.<br>- Тарыхый фактыларды салыштыра билүү жана жалпылай билүү.<br>- Негизгилерин жана экинчи даражадагыларды ажырата билүү.<br>- Тарыхый маалыматты сынчыл баалай билүү. |
| **3. Коммуникациялык көндүмдөр** | - Өз оюн оозеки жана жазуу жүзүндө так жана туура билдирүү.<br>- Тарыхый терминологияны колдоно билүү.<br>- Өз көз карашын далилдей билүү. |
| **4. Практикалык көндүмдөр** | - Тарыхый карта менен иштей билүү.<br>- Хронологиялык таблицаларды жана диаграммаларды түзүү.<br>- Өзүнүн ишинин натыйжаларын ар кандай формада көрсөтүү. |
| **5. Өз алдынча чыгармачылык** | - Билимдерди жаңы жагдайларда өз алдынча колдоно билүү.<br>- Тапшырманы демилгечилик жана чыгармачылык менен аткаруу. |

**Баалоо системасы:**

Окуучунун жетишүүлөрүн баалоодо баллдык система, критерийлик баалоо, окуучунун портфолиосу жана башка заманбап ыкмалар колдонулушу керек.

Баалоо критерийлери окуучуларга түшүнүктүү жана так болушу керек, аларга алдын ала билдирилгени маанилүү. Ошондой эле ар бир окуучунун жетишкендиктеринин деңгээли тууралуу толук маалымат алуу үчүн текшерүүнүн түрдүү формаларын колдонуу зарыл.

## 5-класс

5-класс үчүн «Тарых» окуу китеби окуучулардын тарых жөнүндө илим катары алгачкы түшүнүгүн калыптандырууга, өткөндү таанып билүүгө кызыгуусун арттырууга жана аларды негизги баскычта тарыхты өздөштүрүүгө даярдоого багытталган.

Тарых боюнча аңгемелер курсунун негизги максаты — ***тарыхка болгон кызыгууну ойготуу,*** жөнөкөй тарыхый түшүнүктөрдү калыптандыруу жана тарых предметин андан ары өздөщтүрүүгө негиз боло турган таанып билүүчүлүк көндүмдөрдү өнүктүрүү.

Тарых боюнча аңгемелер курсун окутууда окуучуда тарыхый ой жүгүртүүнүн негиздери калыптандырылат, өз алдынчалыгы жана жеке жоопкерчилиги өнүктүрүлөт, жарандык-мекенчилдик сезиминин калыптанышына негиз салынат, кептик жана коммуникациялык көндүмдөрү өнүктүрүлөт ошондой эле адептик жана эстетикалык таалим-тарбияга ээ болот.

Бул багыт берүүчү тарыхый билимдерге ээ болуудагы жетишкендиктерди баалоо окуучулардын таанып билүүчүлүк жигердүүлүгүн арттырууга жана жакынкы өнүгүү зоналарын аныктоого багытталган **калыптандыруучу мүнөздө** болууга тийиш.

## 6–9-класстар

**6–7-класстар:**

- Тарых жөнүндө илим катары, тарыхый убакыт жана тарыхый мейкиндик жөнүндө алгачкы түшүнүктөр.
- Жер планетасынын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн адамзатка чейинки өнүгүү тарыхын билүү.
- Байыркы доордон тартып X кылымга чейинки цивилизациялардын негизги этаптарын жана окуяларын билүү.
- Байыркы доордон тартып X кылымга чейинки цивилизациялардын маданий жана социалдык өнүгүүсү жөнүндөгү түшүнүктөр.
- Байыркы доордон тартып X кылымга чейинки цивилизациялардын турмуш-тиричиликтерин, кесиптерин жана социалдык түзүмдөрүн мүнөздөй билүү.
- Хронология, карталар, жөнөкөй тарыхый булактар менен иштей билүү.
- Базалык тарыхый түшүнүктөрдү калыптандыруу.

**8-класс:**

- X–XI кылымдардан тартып XIX кылымдын аягына чейинки негизги окуяларды жана процесстерди билүү.
- Улуу географиялык ачылыштар, реформация, абсолютизмдин калыптанышы жөнүндөгү түшүнүктөр.
- Тарыхый окуяларды ошол кездеги адамдардын жашоосу менен байланыштыра билүү.
- Кыргызстан тарыхындагы XI–XIX кк. негизги окуяларды жана процесстерди билүү.
- Кыргыз башкаруучуларынын ички жана тышкы саясаты, маданияттын өнүгүшү жөнүндө идеялар.
- Эң маанилүү окуялардын себептерин жана натыйжаларын талдай билүү.

**9-класс:**

- XX кылымдын башынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки негизги окуяларды жана процесстерди билүү.
- Дүйнөлүк согуштар, революциялар, илим менен техниканын өнүгүшү, дүйнөлүк глобалдуу маселелер жөнүндөгү түшүнүктөр.
- XX кылымдын башынан бүгүнкү күнгө чейинки окуяларга өзүнүн мамилесин аныктай билүү.

***5-таблица.*** **Окуулук көндүмдөрдү окуу процессине интеграциялоонун мисалдары**

| Окуу процессинде көнүгүүчү көндүмдөр | Сыпаттамасы | Ишмердүүлүктүн мисалдары |
|---|---|---|
| **Изилдөө жүргүзүү** | Маалымат булактарын табуу жана колдонуу жөндөмдүүлүгү. | Китепкана жана Интернет булактары менен иштөө. |

| | | |
|---|---|---|
| **Талдоо жүргүзүү** | Маалыматты талдоо жана жыйынтык чыгаруу жөндөмдүүлүгү. | Тарыхый окуяларды салыштырып талдоо. |
| **Сынчыл ой жүгүртүү** | Ар кандай көз караштарды жана далилдерди баалоо жөндөмдүүлүгү. | Тарыхый темалар боюнча талкуулар жана дебаттар. |
| **Коммуникация** | Оозеки жана жазуу жүзүндө баарлашуу көндүмдөрү. | Эссе жазуу, презентацияларга катышуу. |
| **Санариптештирүү** | Тарыхый окуяларды санариптик архивдерди колдонуу менен изилдөө.<br>Темалар боюнча мультимедиалык долбоорлорду түзүү.<br>Тарыхый окуя болгон жерди өздөштүрүү үчүн тарыхый карталарды жана маалымат системаларын колдонуу.<br>Өздөштүрүлгөн темалардын негизинде электрондук блогдорду түзүү. | |
| ***Бул көндүмдөр окуучуларга окууда эле эмес, бүткүл жашоо-турмушунда дагы жардам берип, изилдөө ишмердүүлүгүнүн жана санариптик дүйнөнүн кыйынчылыктарына даяр болушун камсыздайт.*** | | |

***6-таблица.*** **Баалоо жана кайтарым байланыш**

| Баалоонун түрлөрү | Сыпаттамасы | Материалдар |
|---|---|---|
| **Тесттер жана текшерүү иштери (эссе, дилбаян)** | Берилген темалар боюнча билимдерди баалоо. | Жазуу жүзүндөгү тесттер жана тапшырмалар. |
| **Долбоордук иштер** | Билимди практикада колдоно билүү жөндөмүн баалоо. | Топтук долбоорлор жана презентациялар. |
| **Оозеки баяндамалар** | Коммуникация жана далилдөө көндүмдөрүн баалоо. | Талкуулар жана дебаттар. |
| **Өзүн баалоо** | Өз алдынча ой жүгүртүү жана талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү. | Окуудагы жетишкендиктер боюнча күндөлүк. |

*Бул таблицалар Тарых предмети боюнча* ***окуу программаларын түзүүгө, календардык-тематикалык пландарды иштеп чыгууга*** *жана* ***окуучулардын жетишкендиктерин баалоого*** *негиз болот.*

***7-таблица.*** **Баалоо жана кайтарым байланыш**

| Баалоонун түрлөрү | Сыпаттамасы | Материалдар |
|---|---|---|
| **Тесттер жана текшерүү иштери (эссе, дилбаян)** | Негизги темалар жана хронология боюнча билимдерди баалоо. | Жазуу жүзүндөгү тесттер жана текшерүү иштери (эссе, дилбаян), сынактар. |
| **Долбоордук иштер** | Билимдерди практикада колдоно билүү жөндөмүн баалоо. | Топтук долбоорлор, изилдөө иштери. |
| **Оозеки баяндамалар** | Коммуникациялык жана далилдөө көндүмдөрүн баалоо. | Презентациялар, талкууларга жана дебаттарга катышуу, ролдук оюндар. |
| **Өзүн баалоо** | Өз алдынча ой жүгүртүү жана өзүн талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү. | Аткарылган иштер жана окуудагы жетишкендиктер боюнча күндөлүк. |

*Бул таблицалар Тарых предмети боюнча* ***окуу программаларын түзүүгө, календардык-тематикалык пландарды иштеп чыгууга*** *жана* ***окуучулардын жетишкендиктерин баалоого*** *негиз болот.*

## Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо — бул мамлекеттик билим берүү стандартында жана окуу программаларында белгиленген билим берүүнүн натыйжаларына жетишүү деңгээлин аныктоонун системалуу процесси. Баалоо билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бир катар маанилүү функцияларды аткарат.

**Окуудагы жетишүүнү баалоонун негизги функциялары:**

**Диагностикалык.** Ар бир окуучунун билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлин аныктоону, ошондой эле окуудагы кемчиликтерди жана кыйынчылыктардын себептерин аныктоону шарттайт.

**Үйрөтүүчүлүк.** Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө дем берет, материалды тереңирээк өздөштүрүүгө түрткү болот, өзүн башкара билүү жана өзүн сыйлоо сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

**Тарбиялык.** Окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилени, тартипти жана максаттарга жетүүдөгү туруктуулукту калыптандырат.

**Өнүктүрүүчүлүк.** Таанып билүү процессинин (ой жүгүртүү, эстутум, көңүл буруу), коммуникациялык жана жөнгө салуучу окуу иш-аракеттеринин өнүгүшүн шарттайт.

**Мониторинг.** Окутуунун жүрүшү жана натыйжалары боюнча мугалим, окуучу жана ата-энелердин ортосундагы кайтарым байланышты камсыздайт.

**Түзөтүүчүлүк.** Баалоонун жыйынтыгы боюнча мугалим окутуу ыкмаларына өзгөртүүлөрдү киргизип, окуучуларга өз убагында жардам көрсөтө алат.

**Болжолдоочулук.** Окуучунун келечектеги ийгилигин алдын ала айтууну шарттайт.

**Маалыматтык.** Окуучулардын даярдык деңгээли тууралуу мектеп жетекчилигине, ата-энелерге жана окуучулардын өздөрүнө маалымат берет.

***8-таблица.*** **Баалоонун түрлөрү**

| Баалоонун түрлөрү | Сыпаттамасы | Максаты | Методдору |
|---|---|---|---|
| **Диагностикалык баалоо** | Окуучунун билим көндүмдөрүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо. | Окуучунун күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо. | Анкеталар, тесттер, баарлашуу. |
| **Формативдик (утурумдук) баалоо** | Окуу процессинде оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзүлөт. | Окуу процессинде теманы өздөштүрүү деңгээлин аныктоо. | Тесттер, тапшырмалар (эссе, дилбаян). |
| **Суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо** | Чейректик, модулдук жыйынтыктоодо оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзүлөт. | Окуучунунн билим деңгээлин жалпылап аныктоо. | Тесттер жана сынактар. Долбоордук иштерди коргоо. |

**Баалоонун формалары:**

**Сандык баалоо:** упайлар менен көрсөтүлөт (мисалы, беш баллдык система, он баллдык система).

**Сапаттык баалоо:** окуучунун жетишүү деңгээлинин оозеки сыпатталышы (мисалы, «эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «жакшыртууга муктаж».

**Критерийлик баалоо:** окуучуларга алдын ала белгилүү болгон так аныкталган критерийлердин негизинде бааланат. Бул баалоону ачык жана объективдүү кылат.

**Портфолио:** окуучунун ийгиликтерин жана жетишкендиктерин көрсөткөн системалуу иштеринин топтому.

**Баалоо мамилелери:**

**Салттык мамиле.** Негизги басым билимдерди жана билгиликтерди сандык баалоо аркылуу тесттер жана оозеки сурамжылоолор аркылуу текшерүүгө жасалат.

**Компетенттүүлүккө негизделген мамиле.** Фактылык материалды билүү гана эмес, окуучулардын билимдерин практикалык кырдаалдарда колдоно билүү, негизги компетенцияларды (окуу-таанып билүүчүлүк, коммуникациялык, маалыматтык ж.б.) өздөштүрүүлөрү да бааланат.

**Инсанга багытталган мамиле.** Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрү, окуу темпи, кызыгуулары жана шыктуулуктары эске алынат. Өзүн өнүктүрүүсүнө жана өзүн баалоосуна басым жасалат.

**Баалоодогу заманбап тенденциялар:**

**Критерийлик баалоо:** баалоонун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын жогорулатат.

**Баалоонун ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонуу:** окуучулардын жетишүү деңгээли жөнүндө толук маалымат алууну шарттайт.

**Окуучулардын өзүн жана өз ара баалоосун өнүктүрүү:** окутуунун натыйжалары үчүн жоопкерчиликти калыптандырууга көмөктөшөт.

**Баалоодо маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонуу:** натыйжаларды иштеп чыгуу жана талдоо процессин жеңилдетет, текшерүүнүн интерактивдүү формаларына мүмкүнчүлүктөрдү берет.

**Формативдик баалоо артыкчылыктуу түр катары:** окуу процессин колдоого жана кыйынчылыктарды өз убагында оңдоого багытталган.

**Буларды эске алуу маанилүү:**

- Баалоо ***адилеттүү, объективдүү жана ачык*** болушу керек.
- Баалоо критерийлери окуучулар үчүн ***так жана түшүнүктүү*** болушу керек.
- Окуучулардын жетишүүлөрүнүн толук көрүнүшүн алуу үчүн ***ар түрдүү баалоо формаларын жана ыкмаларын*** колдонуу керек.
- Баалоо билим деңгээлин аныктоого эле эмес, окуучулардын ***андан ары өнүгүүсүнө түрткү берүүгө*** да багытталышы керек.

Баалоонун жыйынтыгы боюнча окуучулар жана ата-энелер менен ***кайтарым байланыш*** милдеттүү түрдө болууга тийиш.